63 кыр
А 40.

А. АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК КИЙИМДЕРИ



Книга должна быть
возвращена не позже
указанного здесь срока
Количество предыдущих
выдач
ПК. Зак. Б-192—20 млн.—84 г.

63кыр
А 40

КЫРГЫЗ ССР МАДАНИЯТ МИНИСТЕРСТВОСУ
ЭЛ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ЖАНА МАДАНИЙ-
АГАРТУУ ИШТЕРИНИН РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-
МЕТОДИКАЛЫК БОРБОРУ

А. АКМАТАЛИЕВ

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК КИЙИМДЕРИ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 279705

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1988

ББК 85. 12
А 40

Акматалиев Амантур.
А 40 Кыргыздын улуттук кийимдери /Кырг.ССР маданият м-восу, Эл чыг-нын ж-а мад.-агарт. иш-нин респ. илим.-метод. борбору. — Ф.: Кыргызстан, 1988.—56 б. өзүнчө ил.
ISBN 5-655-00454-2

Кыргыз элинин атам замандан бери кастарлап кийип келаткан улуттук кийим-кечелери калкыбыздын бүгүнкү күндөгү бай тиричилигин ого бетер татыктуу коолдоп турат. А түгүл алардын бир катар сейректеп бараткан үлгүлөрү да кайрадан жаңыча жасалгаланып, барган сайын көбүрөөк тарап кирүүдө. Ушундай жагдайлардан улам улуттук кийим-кечелер тууралуу азын-оолак болсо да, методикалык кеңештер абзел көрүнөт.
Бул китепте ушул багытта сөз болот.

А $\frac{4912000000—265}{М 451 (17)—88}$

ББК 85. 12

ISBN 5-655-00454-2

© Эл чыгармачылыгынын жана маданий агартуу иштеринин илимий-методикалык борбору, 1988.

## КИРИШ СӨЗ

Көркөм кол өнөрчүлүк (колдонмо-жасалга өнөрү) усталар менен уздардын кооздукту жаратуудагы санжыргалуу кесиби жана чеберчилигинин баа жеткис зор натыйжасы болуп саналат. Ал улуттук чыгармачылыктын бир түрү, элибиздин көөнөрбөс тарыхый эстелиги, калк казнасы үчүн кайнар булак, атадан балага, энеден кызга ооп өтүп келаткан санжыргалуу өнөр мүлкүбүз. Элдик өнөр түпкү турмушубуздан накыл берип, өсүп-өнүүбүздү көркөмдөгөн чебер иштерибиз.

Эл чыгармачылыгы — бул байсалдуу чынар терек болсо, мунун бирдиктүү бир бутагы кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлүгү экенин билебиз. Албетте, анын башаты тереңден башталат. Ал далай доорлорго тушукту. Аларга карата өзүнүн ар кандай өсүү-өзгөрүү жолдорун өткөрдү. Тарыхка тамырын терең таштаган бул өнөрүбүз ар бир үйдөн кенен өрүш алуусу жана жашап жатканы аркылуу бааланат. «Искусство — элге таандык. Ал эмгекчилер массасынын калың катмарынан тамыр алууга тийиш» — деген В. И. Лениндин ардактуу осуятын дайым эсте тутабыз.

Азыр кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлүгүн жаңы шартта жандандыруу жагдайлары бар. Абалкы ата-бабадан калган нукту аркалап, жыргал доорубуздун шаңдуу шарапаты менен элдик өнөрдүн бет алган багыты андан ары айдан-ачык дүркүрөп өсмөкчү. Өнөрдүн башка тармактарындай эле бул партиябыз менен өкмөтүбүздүн күндөлүк аталык камкордуктарына бөлөнгөн. Коомубузду кайра курууга карата совет эли күрдөөлдүү багыт алган шартта элдик өнөрпоздордун өздүк чыгармачылыгы мурда болуп көрбөгөндөй ажардуулукка эгердер болмок.

Бүгүн көркөм кол өнөрүбүз негизинен эки багытта өсүп-өнүгүүдө: биринчиси, ар бир айылда улуттук буюмдар жаратууга жапырт аракет жасалууда. Мында чеберлерибиз, адаттагыдай, илгертен келе жаткан элдик ыкмаларды үлгү тутуп, аларды андан ары өнүктүрүүгө өз үлүш-

төрүн кошууда. Айрыкча азыркы учурда бул уюткулуу өнөрүбүзгө жаңыча мамиле жасоочулук даана сезилүүдө.

Экинчиси, эл ичиндеги ошондой чеберлерди тартуу менен жер-жерлерде элдик көркөм кол өнөрчүлүк боюнча бирикмелер (өнөрканалар) уюштурулууда. Мисалы, Фрунзе шаарында «Кыял», Ош шаарында «Мурас» алардын: Тоңдо, Өзгөндө, Советте, Кыргыз ССР театрлар Коомунун мастерскоюнда, Кадамжайда, Рыбачьеде, Алайда, Таласта, Пржевальскиде, Нарында, Кочкордо жана башка аймактарда филиалдары бар. Аталган өнөрканалардан улуттук кооз буюмдар, белек-бечкектер көп нускада чыгарылып, эң керектүү табариктер катары эл журтка тартууланууда.

Кыргыздын бул элдик өнөрүнөн жаралган ажайып буюмдар Кыргызстандын чет өлкөлөрүндө өткөрүүчү көргөзмөлөрүнүн такай экспонаттары болуп калууда. Көргөзмөлөргө, жайма базарларга жандуу катышып, сынакей көрүүчүлөрдү өзүнө тартууда. Элдик кооз буюм-бечкектер Франция, Швеция, Индия, Алжир, Канада, Венгрия, Болгария, Румыния, Чехословакия, ГДР, ФРГ, Монголия өңдүү отуз төрт өлкөнү дембе-дем кыдырып, төгөрөктүн төрт бурчунун мыкты бааларына татууда.

Элдик өнөр чеберчилигинин маанисин көтөрүү максатында 1973-жылы март айында Фрунзе шаарында Бүткүл союздук координациялык Совет өткөрүлүп, анда Союз боюнча жетишилген ийгиликтер илимий жактан бааланып, бул багытта чыгармачыл иштиктүү тажрыйбалар жалпыланып, аларды жалпыга тиешелүү өрнөк катары сунуш кылуу маселелери талкууланды.

Кеңешмеде элдик көркөм кол өнөрчүлүгүн атайын камкордукка алып, алардын жараткан эмгектерине илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, чыгармачыл талдоого алууну жана азыркы мезгилдин техникалык прогрессинин ыңгайы менен байланыштырууну талап кылган зор маселелерге да кенен-кесир токтолду.

1975-жылы февралда КПСС Борбордук Комитетинин «Элдик көркөм кол өнөрчүлүк жөнүндөгү» Токтомунда элдик өнөрдү андан ары өнүктүрүүгө мурда болуп көрбөгөндөй камкордуктар көрүү чаралары каралган. Бул маанилүү документти жетекчиликке алып, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен, Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомунда (июль 1985-ж.) көркөм кол өнөрчүлүктүн технологиясын — ыкмаларын кеңири үйрөнүүгө багыттоо, элдик чеберлерди топтоо жана үйдөн иштөөчүлөргө практикалык жана методикалык жардам берүү, чыгармачыл процесстерди — мыкты үлгүлөрдү



издөө, табуу, жаратуу, көбөйтүү боюнча көрсөтмө берди. Албетте, бул маанилүү документ социалисттик маданияттын ажырагыс бөлүгү болгон элдик колдонмо-жасалга өнөрүнүн мындан ары өрүш алышына ыңгайлуу шарт түзгөн, күндөлүк иштин жанданышына шык берген айкын программа болуп калды.

Элдик колдонмо-жасалга өнөрүн мындан ары кеңири өнүктүрүү максатында мезгил-мезгили менен райондук, областтык жана республикалык кароо-конкурстарды, көргөзмөлөрдү уюштуруу аркылуу чыгаан усталарды жана уздарды табуу, алардын көз тайгылткан буюм-кечелерин өндүрүшкө берип, аларды дал өзүндөй кылып, көбөйтүп чыгарууга, аларды эл арасына кеңири даңазалоого да олуттуу маани берилип жатат. Анын эстен кеткис өрнөгү катары СССРдин 60 жылдык юбилейине, Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан компартиясынын түзүлүшүнүн 60 жылдык салтанатына карата атайын уюшулган көркөм кол өнөрчүлөрдүн буюмдарынын республикалык I—II кароо-конкурсун атаса болот.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомдору менен өткөрүлгөн бул массалык форум жогорку деңгээлде өтүп, кудум «искусство майрамына» айланды. Мындай кароо-конкурстарды уюштуруунун башкы максаты ар кандай себептер менен аз-аздан унутулуп бараткан элдик салттуу жана уникалдуу буюмдарды табуу, иликтеп-ылгоо, алардан тийиштүү үлгүлөрдү тандоо, аларды чыгарууга жергиликтүү жана кайталанып иштетилүүчү сырьёлорду пайдалануу, элдик кол өнөрчүлүк боюнча устачылыкты жана узчулукту үйрөтүү мектебин түзүү өңдүү асыл ниеттерди көздөгөн.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү — улуттук кийим-кечектерди жаратуучу уздардын чеберчиликтери. Мунун да күндөлүк жашоо шартыбызды көркөмдөй турган жагдайлары бар. Жаштарыбыз сыймык менен кийип жүрүүчү, жарашыктуу көркөм сайма көчөттөр түшкөн улуттук кийимдер элибиздин пейилин, жергебиздин бай табиятын символдоштуруп, өзүбүзгө таандык бөтөнчөлүгүбүздү белгилеп турат.

Улуттук кийим бул да элдик маданият көрүнүштөрүнүн бири. Ал элдин турмуш-шарттарынан, чарбачылыктын зарылдыгынан улам жаралып, өзгөчө туруктуу келет, көп жылдар бою жашайт. Мына ушул туруктуулукка гана таандык болгон өзгөчөлүк аркылуу кайсы бир элдин байыркы же кийинки мезгилдеги маданияты жөнүндө сөз козгоп,

ага карата айрым ой-толгоолорду жүргүзүүгө болот. Мындай мураска кыргыз эли да бай.

Элибиздин улуттук кийимдеринин көп түрдүү үлгүсү, чебер тигилиши, аземдүү кооздугу эзелтеден эле даназа болуп келе жатат. Алар тууралуу маалыматтар жазма даректерде сейрек кездешкендиктен, элдик оозеки адабиятка кайрылууга туура келет. Элдик казынанын ыйык мурасы катары бизге келип жеткен кыргыз элинин баатырдык эпосторунан улуттук кийимдердин ар кандай түрлөрү, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө бай маалыматтарды жолуктурабыз.

Улуттук кийим-кечектерди жаратууда бычмачылык өнөрүнө да өтө маанилүү роль таандык. Бычмачы уз адам. Ал — кийим-кечектердин бардык түрүн, мисалы: көйнөктү, бешмантты, шымды, чапанды, чепкенди, ичикти, тонду, калпакты, кемселди, тебетейди, элечекти, малакайды, топуну, такыяны жана башкаларды бычып бере турган чебер. Айыл арасында мындай элдик ар кандай нерселерди бычып-тигип берүүчүлөрдү бир эсептен «иштүү» деп да аташат. «Бычмачынын кадырын тикмечи арттырат»,— деген бар.

Бычмачылык — элдик кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Улуттук кийим-кечектерди жана башка буюмдарды жүзөгө ашыруучу ыкма.

КПССтин XXVII сьездинде кабыл алынган СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн Негизги багыттарында көркөм кол өнөрчүлүктүн буюмдары 1,3—1,4кө көбөйтүлүү жагы коюлган. Улуттук кийим-кечектерди жасоо чеберчилиги да колдонмо-жасалга өнөрүнүн бир түрү болуп саналат.

Демек, элдик үлгүлөр — жаңылыкты жаратуунун бай материалы. Өткөндөн калган нуска — элдик көркөм кол өнөрчүлүктү ар тараптан өнүктүрүү бүгүнкү күндүн талабы. Орошон чыгармачылыкты кайрадан жандандыруу үчүн кооздуктарды калың калктын өзүнөн алып, аны кооздоп, өркүндөтүп кайра өздөрүнө беребиз. Ал күндөлүк турмуш-тиричиликте колдонулуучу элдик мүлк жана эмерек, ата-бабадан бери пайдаланылып келе жаткан жөрөлгөбүз.

Өнүгүүбүздүн Негизги багыттарында «...тигилген буюмдарды моделдөө жана конструкциялоо бир кыйла жакшыртылсын...» дейт. Мында сөз, элдик үлгүлөр менен кооздолуучу кийим-кечектер жөнүндө баратат. Негизги багыттарда баса белгилегендей ойдогудай жаралган үлгүлөр гана көп нускаланууга эгедер боло алат. Албетте, андай көркөмдүктөрдү элдик уздар жана усталар жаратат.



Мына ушул асыл максатты аркалап, улуттук көркөм кийимдерди чыгарууну, аны өркүндөтүү боюнча иштерди жандандырууга, анын көптөгөн үлгүлөрүн түзүүгө ойдогудай мүмкүнчүлүктөр туулат. Буга чейин анча назар салынбай, тийди-качты мамиле жасалып келинген өнөрүбүздүн бул түрүнө эми айрыкча маани берилип, жергиликтүү органдар, коомчулук тарабынан колдоого алынууга тийиш.

Улуттук кийим-кечектер адамдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата айырмаланат. Мунун улутка таандык жагы аркылуу маданиятыбыздын жалпылыгын көрөбүз. Жаркын маанайыбызга төп келип турган мына ушундай кийимдерибизди, элге керектүү буюм катары, көп нускалап чыгарып, дүкөндөрдө сатууга коюу маселесин тезирээк чечүү зарыл.

Буларды кароодо бычмачылык-тикмечилик, саймачылык, терини иштетүүчүлүк, чачык чалуучулук, кийизчилик өнөрлөрүнүн өз ич ара карым-катыштарын эске алуу абзел.

Албетте, биз улуттук кийимдерсиз, боз үйсүз, ат жасалгаларысыз ата-бабаларыбыздын турпатын, асылдык шаанисин кантип элестете алабыз.

Кыргыздын кийим-кечектери бир беткей форумда көрүнгөн менен ар кыл үлгүлөргө өтө бай. Тигилиши, кооздугу эзелтен бери элде даңазаланып келүүдө. Элдик казынанын көөнөрбөс мурасы катары бизге жеткен улуттук кийимдердин бул дүйүм-түркүн үлгүлөрүн мыкты үйрөнүп, элге ылайыкталган түрүндө кайрадан тартуулоо милдеттери чечилери шексиз. Биз каз элечексиз, кош этек көйнөксүз, сайма кемселсиз, баймалуу байпаксыз, ары сулуу, ары акылман уз энебиз Каныкейди кантип элестете алабыз. Арийне, жеке эле Каныкей энебиз эмес, Эр Төштүктүн Кенжекесинин, Акундун кызы Айчүрөктүн, Кожожаштын Зулайкасынын, Алманбеттин Аруукесинин. Курманбектин Айганышынын, Олжобайдын Кишимжанынын келбети жана ай чырайы бул кийимдерсиз көз алдыбызга тартыла албайт. Ооба, элдик мындай салттуу кийимдерисиз алардын сулуулугу-улуулугу мерчемдүү чекке жетпей, кооздуктун бир асылы кемигенсип калат.

Адатта, адамдын ажары, ички дүйнөсү, сырткы поруму менен өз ара айкалышып турмайын асылдуулук тууралуу сөздүн болушу максатсыз. «Адамдын көркү чүпүрөк» деген кеп тегин жерден чыккан эмес. Мындан ары биз бул сырт кийимди да арбын чыгарууга карата камкордук көрүлсө, алардын көрүнүшү көркөм, кийип жүрүүгө жеңил, бычып-тигүүгө оңой, адаттагы элдик кийимдерди малчыларыбыз, дыйкандарыбыз үчүн жасап берсе эң эле мыкты

болот эле. Анткени, чапан, чепкен, ичик, тон, кементай сыяктуу сырт кийимдер менен ат үстүнө буйдалбай эркин жүрүүгө да, жайытта, чабыкта жамынып жатууга да ушунчалык оңтойлуу.

Тоо текенин терисин,
Оё бычып тиктирген,
Кашаты өтүп кетет деп,
Кайып-сайып бүктүргөн.

— деп, атактуу акын Калык таасын ырдагандай тигилген тон, ичик өңдүү көрпө кийимдер күн тартибине келүүдө.

«Кары-картаңдарга чийбаркыттан жасалган кемсел-шымдан артыгы жок дээр элем, дейт Киров районунан карыялардын атынан К. Иманалиев. Анткени, улгайганда чыпыйтып костюм-шым кийбей, отуруп-тургандарга жеңил кең-кесири балпайта тигилген кемсел-шымга не жетсин. Дүкөндөрдө кээде кемсели сатылса, шымы сатылбайт. Андыктан ар түркүн өңдөгү кемсел-шым кийүүнү каалабайсың. Мындай учурда жаш өзгөчөлүгүң да эске келбей койбойт экен. Ушундан улам бир өңчөй кездеме сатып алып, колго тиктирип кийгиң келет. А бирок улуттук бормолуу кийимдерди тигип берүүчүлөрдүн да аягы суюлду, кээде чийбаркуттун өзүн таппайсың. Улгайган эркектердин ак болотнайдан тигилген ич кийимдерин дээрлик жолуктурбайсың». Ал эми кептин чын-чынына келгенде кары-картаңдар, улгайган адамдар үчүн улуттук үлгүдөгү сырт кийим жана ич кийим чыгаруу маселелери жергиликтүү өнөр жай министирлиги тарабынан каралып чыгып, биздин талапка шайкеш келгендей тигилсе жана көбүрөөк сатылса эмнеге болбосун! Жаштарыбыз кийип чыгуулары үчүн жакшынакай үлгүлөрүн чыгарсак, алар алыстан эле таанылып тургандай кооз тигилсе деген сыяктуу ойлорду эске алып, Кыргыз ССР Театрлар Коомунун өндүрүштүк мастерскою улуттук кийимдердин бир катар түрлөрүн тиге баштады.

Шаарыбызда өткөрүлүп жаткан көргөзмөлөрдүн экспонаттарынын арасында улуттук кийимдердин ар түркүн фасондору да илинди. «Кыял» жана «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелери чыгарган кыргыз кийимдери башка өнөр жай ишканаларынын товарлары менен чет өлкөлөргө чейин барды.

Улуттук фасондорду жакшынакай жасоо үчүн изденүүгө туура келди. Уздар, адистер эл арасын кыдырууга чыкты. Карыялар менен байбичелерден сурамжылап: бычуунун, тигүүнүн, саймалоонун, оймолоонун ыкмалары топтолду, андай изденүүлөр бир катар проблемаларды чечүүгө түрткү берди. Айыл ичинен сонун ишкердүү ойлорду, каалоо-сунуштарды, пикирлерди угушту. Кийим-кечектердин фасонуна, түрүнө, түспөлүнө өзгөртүүлөрдү кийирүү зарылдыгы белгиленди. Чепкен, кемсел, чыптама өңдүүлөрдүн өңүрүнө түшкөн көчөт-оюмдар, калпактын талааларына сайылган түрлөр эми бөтөнчөрөөк көрүнө баштады.

Кочкор районунун «Шаттык» ыр-бий ансамблин Югославия өлкөсүнө жөнөтүүгө уз-чеберлер даярдык көрүшүп, кыз-жигиттердин кийип чыга турган формаларын жасоого, көркөмдөп бычып-тигүүгө аракеттеништи. Андан кийин Совет районунун жаштары ыр-бий ансамбли менен Германия Демократиялык Республикасына аттанды. Алардын улуттук кийимдерин Коомдун уздары бир колдон чыгарышты. Кара-Суу районунун Маданият үйүнүн улуттук кооз кийимдерин бычып-тигүү да Театрлар Коомунун чеберлерине таандык.

Чолпон-Ата шаарынын «Ак куу» ыр-бий ансамблинин формасы, албетте, жогоркулардан бөтөнчөлөндү.

Киров районунун «Жылдыз» аттуу ансамбли Польша эл республикасына барышты. Алар улуттук искусствобузду даңазалоодо экинчи орунду ээлеп, «Күмүш балта» мөрөйүнө татыктуу болушту. Ал эми Бүткүлсоюздук конкурста ушул эле «Жылдыз» ыр-бий ансамбли аткарган ыркүүсү, бийи менен катар улуттук кийимдеринин көркөмдүгү боюнча биринчи орунга чыгып, «Алтын балта» мөрөйүн жеңип алышты. Андай жогорку бааларга татыктуу болгон кийим-кечектерге: белдемчилер, кош этек көйнөктөр, элечектер, кемселдер, күрмөлөр, шөкүлөлөр, бешманттар, шымдар, чепкендер, тебетейлер жана башка ушул өңдүүлөр кирет.

Албетте, мында да Театрлар Коомунун салымы олуттуу.

Азыр улуттук кийим тигүүчү өнөрканаларга каттар келип түшүүдө: «...Биз улуттук кийимдерди телевизордон, майрамдардан, оюн-зооктордон гана көрүп калдык. Башка кырдаалдарда сейрек кийилет. Улуттук кийимдерибиз кандай кооз, тим эле Ала-Тоосу менен кооз гүлдөрү кошо чегерилгендей. Эми ушул улуттук кийимдерди республикалык моделдер үйүнүн бычмачылары тарабынан өздөштүрүлүп, алардын үлгүлөрү массалык түрдө эл арасына кеңири тартылса жакшы болоор эле» — деген ойлорду колдоого тийиштүү. Арийне, үйлөнүү үлпөттөрүндө муну сөзсүз кийүү керек, элдик мурас катары өнүктүрүү үчүн ойдогудай шарттарды түзүүбүз зарыл.

Азыр улуттук кийимдерге куштарлык аябай өсүүдө.

Алсак, «Киргизия» фирмасында улуттук кийимдерди бычып-тигүүчү өзүнчө ателье иштөөдө. Бирок, мындагы фасондорду даана нукура үлгүлөр деп айтууга болбойт, улуттук кийимдерди күндөлүк тиричилик менен кенен байланыштырып, оптималдуу варианттарын табуу үчүн далай түйшүктүү изденүүлөрдү жүргүзүү керек. Жарашыктуу кийген ар түрдүү курактагы адамдар өскөлөң маданияттуулуктун белгиси. Улуттук кийимдерди элге керектүү буюм катары көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелеринен көп нускада чыгарып, дүкөндөрдө дайыма болушун калк каалайт. Ошондуктан, бул китепчеде методикалык сунуш катары элдик чеберлер кийим-кечектерди кандайча бычып, тигип даярдашканы жөнүндө баяндалат.

## БАШ КИЙИМДЕР

Ар бир элдин, жердин шартына, салтына жана жынысына карата баш кийим да өз ара бөтөнчөлөнөт. Кыргыз элинде калпак, тебетей, малакай, топу, элечек, шөкүлө, кеп-такыя өңдүүлөр болгон. Баш кийим жылдын төрт мезгилине жана аба ырайынын шартына карата кийип жүрүүгө шарттташат да мал, аң терилеринен, кийизден жана кездемеден тигилет. Алардын бири **калпак** болуп саналат.

«Баш кийим бардык элде бар,
Байыртан жашап келди алар,
Атадан калган балага,
Алардан кымбат эмне бар!
Ак чоку кийген бир элди,
Айтып бер десең мен даяр,

— деп атактуу кыргыз акыны Байдылда Сарногоев Ала-Тообузга символдоштурган. Бул элдик баш кийимибизди тигүүдө абалы жүндү кылдап, саксагыраагын майдалап кыркып сабайт. Уютулган жүндү басып, кургатып, кайра үбөлүктөп, кийизди катуу кылуу зарыл.

Башка чакталып, калпактын төрт талаасы бычылат да, алардын ортолоруна «милте» коюлат.

Калпактар да өз ара бир нече түргө бөлүнөт. Алардын бирөө **«Айры калпак»** деп аталат. Анын төрт талаасынын кошулган жерлери жана жээги «кыюуланып», төрт жеринен кичине шара тиликтер калтырылат.

**«Тилик калпак».** Анын төрт талаасы кыюуланбайт да, ак жип аркылуу бириктирилип, эки жеринен эле чоңураак тилик калтырылат.

**«Туюк калпак».** Жүн калпак формасында уютулат да, мунү улам катуу басып, анан үбөлүктөп, кайра бышырып, төбөсү топ-тоголок, этеги тегерек формага келтирилет. Кыздарга ак жүндөн жуп-жука кылып, этегин эркектердикинен тайкы, тегерете жээгин үстүн көздөй имерилте бычып, калпак жасап, ага үкү такса болот. Аларга сайма аркылуу түрдүү көркөм көчөттөрдү келтирет.

Көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелеринде көп нускада чыгарылып жаткан ак калпактын кийизи анча эмес. Ал цехтерге жарым фабрикат түрүндө келет. Мунун үлгүсү бычылат да, ошол үлгү колдо же тигүү машинасында сайманат.

Калпактын кол саймасы «секиртме», «тап бердирме» деп аталат. Мында тигүүчүлөр бир нече ыкмада жүзөгө ашырышат. Бирөөлөрү калпактын төрт талаасын бирибирине «милтелеп» (жээктеп) кошот. Экинчилери болсо, «кыюусун» (алкагын) тигишет. Андан кийин ичин жөрмөп, топ чачыгын («чогун») чыгарат. Эң акырында тигүү машинасында анын кырын жүргүзөт. Бирок, калпак бөрктүү болушу керек. Бөрксүз калпак телпейип, жарашпай калат. Анын үстүнө, булардын башка токтому жок, кийизи өтө жука, ал бир жайдан чыкпайт.

«Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесинин Кочкордогу филиалы калпактын жаңы үлгүсүн чыгара баштады. Муну **«сайма калпак»** деп атоого болот.

Бул баш кийимдин бөтөнчөлүктөрү — башка токтомдуурак. Уяң жүндөн уютулат. Ал кийизге берилген көркөм көчөттөр ого бетер назиктелип, аны уландар эле эмес, кызкелиндерибиз да кийип жүрүүгө ылайыктуулугу баамдалат. Бу калпакка түшкөн сайма көчөттөрдү «кыял» деп атайбыз. Мындагы көркөм көчөт оюмдун элементтерин уздар чөптөрдүн сабагынан, мөмө жемиштеринин шагы ийилген бутактарынан алган. Ал сөзсүз бир нерсеге окшошуп, бул сайма көчөттөрдөн бизге «бармак боочу», «ит куйрук», «ийрек», «бычак учу» өңдүү көркөм оюмдарды элестетет.

Элдик оюмдун элементтери адатта экинчи бир кооз оюмкөчөттүн туулушу үчүн көркөм каражат болот. Оюмдан-оюм, көчөттөн-көчөт чыгат.

Ошондуктан, көркөм оюм — чыгармачыл ойдун кумары болуп көрүнөт. Бул ар бир уздун изденүүлөрүнө жана жаңыча узданууларына негиз түзөт.

Калпактын мындай мыкты үлгүлөрү элдик көргөзмөлөргө жана жайма базаларга жөнөтүлүүдө. Кыргыз калпагы эл чарбасынан Бүткүл союздук Көргөзмөсүнө коюлуп, күмүш медалга татыктуу болгон.

Биз азыр кыз калпагын тигүүнүн үлгүсүн кайрадан жандандыруубуз зарыл. Ак, кызыл, көк өңдө жасалуучу бул баш кийимге берилген көркөм көчөттөр кемселге, чыптамага, белдемчиге жана ушул өңдүүлөргө түшүүчү кооздуктардан анча айырмаланбайт. Ал баш кийимди жердигине карата түрдүү жиптер тандалып алынуусу тийиш.

**Тебетей** — нарктуу кийимдердин биринен болуп саналат. Аны «бөрк» деп да аташат. Ал көрпөдөн, суусар, сүлөөсүн, түлкү, кундуз өңдүү баалуу аң-терилеринен тигилет. Анын төрт талаасы болот да, бул төрт бөлөк бычылат. Тебетей тышы жаш өзгөчөлүктөрүнө карата тандалат. Мисалы, кара, күрөң тыш улгайгандарга, кызыл, жашыл, көк кездеме жаштар кийүүчү тебетейлерге ылайык келет. Ичине кебез же жүн салынып шырылат. Анан дубайнасынын ортосунда да жүн же кебез имериле салынып тигилет.

Тебетейдин төрт талаасы бириктирилип, капшыра тигилгенде кийимдин төбөсү төрт бурчтуу болуп чыга келет. Демек, анын тышы дубайнага кийгизилип, көрпөнүн учуна улай тигет. Чети тышына бириктирилген соң көрпө сырт жагына кайрылат. «Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны» дегендей, илгери тебетейлерди көрктүү тигүүгө өзгөчө көңүл бурган.

Кыздардын кызыл манат, жашыл, көк баркыт менен тышталган кундуз тебетейлеринин төбөсүнө булая үкү тагылат да, шуру, бермет тизилип, ал асыл таштар, седеп, берметтер менен көз жоосун алгандай кооздолот. Ал эми эркектердин тебетейлеринин төбөсүнө топ чачыктан «чок» тагылат. Айкөл «Манас» эпосунда «Ырамандын ырчы уулу».

«Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул»

— деп сүрөттөлөт.

**Малакай** — элдик баш кийимдин бир түрү. Көбүнчө карыяларга мүнөздүү. Уктаарда кийип жатканда башты жылуу сактаган. Ал өңдөлгөн (бордолгон) жана ышкын түпкө, анарга боёлгон түктүү териден тигилет. Малакайдын кырбуусу көрпөдөн бир-эки элидей кыюуланат. Кыюусуз тигилген малакайга кездемеден же көрпөдөн «милте» (жээк) коюлат. Аны тигүүдө же форумунда аймактык айырмачылыктар бар.

**Топу.**

«Желкеден чыгып топусу,
Жейрен шым бутта калдырап»

дегендей, топу — жеңил баш кийим. Илгери топу ар кандай кездемелерден төбөсү кууш бычылып, бүйрө тигилген да, ак кездеме менен иштелип кештеленген. Кыз-келиндер төбөсү бийик жана кууш топу кийишкен. Бара-бара ал ар кыл түстөгү жердиктен төбөсү менен алкагы тегерек жана жапыз тигилип, зер, бермет, шуру, акак менен кооздолуп, үкү тагылган.

Кийин топу бир түстүү кездемеден эле төрт бурч тигиле баштаган. Ал бурч сымал жээги бир бүтүн келип, төбөсүндөгү төрт талаасы саймаланган. Эркектердин топусу ак, кара, жашыл, көк өңдүү кездемелерден тигилет да, мунун тегерек, төбөсү бөрктүү (чокчо) түрлөрү бар. Калпак менен тебетейдин ичинен такай кие турган тегерек топуну **«ичмек топу»** деп айтабыз. Ал тебетей менен калпактын ичин кирдетпейт.

Карыялар топучан отурууга да болот. Ал көбүнчө кир көтөрүмдүү баркут, чийбаркут, трайке сыяктуу адими кездемелерден тигилет да, кырбуусу өзүнчө, төбөсү өзүнчө бычылып, колдо бүрсө же, машинада тиксе болот. Ал эми төбөсү чокчогой келген ак топуну **«тепчиме топу»** деп айтат. Аны уздар ак учуктуу ичке ийне аркылуу колдо тепчийт да, ага да «секиртме сайма» (бири-бирине улаштырылбай сайылган сайма) түрү берилет.

Ак топу ичмек топудай такай малакай, тебетей менен калпактын ичинде жүргөн эмес, атайын төрт бүктөп жанда ала жүрүп, же үйдө бир жерге коюп, баарыдан мурда сөөлөт катары карыялар кийүүгө шарттashкан.

Кыз балдардын топусун **«такыя топу»** деп да айтабыз. Ал көбүнчө жашыл, кызыл, көк өңдөгү кыжымдардан, тасбаркуттан жасалат. Бул баш кийимдин төбөсү менен алкагы жапыс жана тегерек тигилет. Төрт талаа **(төрт бурч)** болуп жээктелет. Төбөсү томпок, ортосу учтуураак келип, топуга тегерете көркөм көчөттөр түшөт. Ал кооздуктар «кыял оюм», «бадам оюм», «ийрек оюм», «бычак учу» оюм деп аталат. Же болбосо көркөм көчөт-оюмдардын ордуна акак таш, шуру, бермет өңдүүлөр ийректеле тизилип, алтын-күмүш торчолор менен курчала кооздолот. Мунун **«бүрмө топу»** «кайырма топу», «макабай топу» деген түрлөрү бар. Бул баш кийимди тигүүдө жана кийүүдө аймактык бөтөнчөлүк байкалат.

**Элечек.** Аны «илеки» деп да атайт. Акыйкатта, бул баш кийим ургаачынын ажарын ачат. Ак кездемеден тегерете кат-кат кылып оролгон аялдардын бул баш кийимин «баш кеп», «сала коймо», «ээк алмай», «астыңкы» жана «үстүңкү тартма», «тумарча», «бадал» сыяктуу негизги түрлөрү бар.

«Кеп такыя» элечекти чечкенде анын кеби бузулбас үчүн



3—120

астынан кийилет. Кийип-чечүүнү жеңилдеткен элечектин «сала коймосу» (желке жагы) менен «ээк алмайы» болот. Аны жыккан да ага тирек болуучу мунун «астыңкы тартмасы» (бөлүгү) кыска (25—30 сантиметрче) келет. «Үстүңкү тартмасы» (же жыгымы) элечектин бардык оромун тыкан кармап турат. Элдик салтта аялдар муну жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык кийишкен.

Улгайгандардын элечеги жөнөкөй оролуп, көлөмдүү көрүнөт. Сыртынан чоң ак жоолук менен жабылган. Аза күткөн (же жесир) аял кара бүркөгөн элечек кийген. Ал эми өлгөн кишинин жакын туугандары ашы өткөнчө элечектин ээк алмайынын бир жаагын бошотуп да жүргөн.

Колуктулар кийген элечектин маңдайы, албетте, шуруланат. Бул «шуру тартма элечек» деп аталат. Элечектер кээде күмүш калдыркан, күмүш желбиреөчтөр менен да чебер кооздолуп, укмуштай кыргакталат.

Кыргак — шөкүлөнүн, такыянын, көбүнчө, элечектин эң сырткы курчоосу. Ал ар кыл эндүүлүктө, ар кандай кездемелерден саймаланып да, түрдүүчө асемделип да жасалат. Кыргак: алтын, күмүш, акак таштар менен чөгөрүлүп, негизинен элечекти кооздоо менен катар аны жанып, чубалып калуудан сактаган. Ал көркөмдүгүнө жараша: алтын кыргак, күмүш кыргак, сайма кыргак, оймо кыргак, бермет же шуру кыргак, жибек кыргак, кымкап кыргак, уздун жана устанын чеберчилигине жараша кооздолгон.

Алтын же күмүш жипчелер чырашталган кыргактардын кырка этегине түрдүү формадагы (узундугу бир эличе) алтындан, күмүштөн куюлган майда желбиреөчтөр төкмө чачысы сымал кырка тизилет. Элечек формасы, кооздолушу жана кийилиши, калк арасында таралыш таржымалы боюнча жергиликтүү өзгөчөлүктөргө эгедер.

«Каз элечек бош таштап,
Катарлап төө көч баштап,
Кан-Жайлоо көчкө жарашкан»

(Жеңижоктон) — деп, элестүү айткандай бул эң эле апакай, койкойто мыкты оролгон, чүчтөдөй чакан элечек болуп эсептелет.

Сурп элечекти «суп элечек» деп да атайбыз. Сурп пахтадан токулган ак кездеменин бир түрү. Булар элечектин жердигинин милдетин аткарышкан.

Албетте, чеберлер театрлардын, филармониянын артисттери жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын ышкыбоз коллективдери үчүн элдик бул форманын жакшынакай үлгүлөрүн көбүрөөк жасап, андан ары өнүктүрүүлөрү зарыл.



Чач кеп зергерлер менен уздардын колунан чач кеп да жаралган. Аны эл арасында «кеп чач», «баш кеп» деп атап да жүрүшөт. Бул — элечектин астынан кийилүүчү ички баш кийим. Чач кеп элечектин ички оромун терден, кирден жана чаңдан сактайт. Муну айрым учурда байбичелер жылуулук үчүн жоолуктун ичинен да кийип жүрүшкөн. Чач кеп көбүнчө кызыл, жашыл, көк, кара манат менен баркыттан жасалат. Чач кептин таңдайы тегиз, эки жан (каптал) жагынан ж а а к (кулакчын) түшүрүлүп, артынан (желкесинен) с а л а к о й м о (куйрулчук) чыгарылат.

Үч кабатталып, башкача айтканда, сырты колдо токулган ак бөздөн тышталып, ичи гүлдүү чыттан астарланат. Ортосуна өрмөктө согулган тасма бастырылып тигилет. Төбөсү тигилбестен, жип өткөрүп бүрмөлөнгөн же бүйрүлгөн чач кептин өзүнөн төбө чыгарылган.

Чач кептин жаактары, маңдайы, сала коймосу сайманын «терс кайык», «илме» («илме дос»), «туура сайма», «басма сайма» деген өңдүү ыкмаларын колдонуу аркылуу «мүйүз», «ит куйрук», «ийрек», «кыял», «куш канат», «бармак боочу», «кочкорек», «гүл» өңдүү көркөм оюм-көчөттөр менен кештеленет.

Чеке-маңдайына бермет, шуру, топчу жана башка кооздук тагылып, жылаажын, шамалбак кадалган түрлөрү да болот. Ал кымча белден ылдый кайра төгүлүп турган олоң чачты чаңдан жана ар кандай илме-чалмалардан сактоо үчүн эле эмес, кыз-келиндерди артынан караганда сезимге чок ыргытуучу ажайып кооздук да болуп саналат.

«Калем тарткан сыядай,
Кашыңды бирпас ырдайын,
Кеп такыя жарашкан
Башыңды бирпас ырдайын»

— деп сүрөттөлгөн элдик ырдан улам бул кийим да аялзатын сымбатына чыгара келген адими кийимдерден экенине ынанабыз. Ал башка ылайыкталып, элечектин четинен кылайып чыгып калбагыдай бийиктикте ак кездемеден шырылып жасалат.

Аялдар мойну талыганда элечегин алып, жеңил-желпи кеп такыясы менен жүрө берет. Ал элечекти баштан алууну жана кайра аны кийүүнү жеңилдетет. Элечекти терден сактап, шырылган ак болотнай чыккан терди сиңирип алган. Кеп такыядан улам элечек сарала болбойт, бат-бат жуулбайт, өңү өчпөйт. Кеп такыяны кийүүдө аймактык айырмачылыктар да бар.

Кеп такыянын дагы бир түрү кооздугу аркылуу назарга

алынат. Күйөөгө аттанаарда деп кызга кийгизүүчү кеп такыянын эки жагындагы кулакчындары кызыл жердикке сайма көчөттөрү «терс кайык» ыкмасы менен так жана өтө майда сайылып түшүрүлөт. Анын «ала мончоктолушу» ажарын ого бетер ачып жиберет.

Түштүк Кыргызстандын Алай, Совет, Ноокат тарабында жашаган уздардын жасаган кеп такыялары баш кийимдин даана үлгүсүн түзө алат. Мында кеп такыянын жаак учтарындагы тор чачыктарына шуру, каухар жана башка асыл таштардан «ала мончоктолот». «Коңгуроо» дечү кулакчындын учтарынын жээктерине зер карматылып жана берметтелет. Кийимдин маңдайы сөзсүз «кыргакталат» да «куйрулчулугуна» (чач жапкычына) өзүнчө «жээк» түшөт. Анын учтары чачыкталган жана шуруланган. Кийимдин жердиги, ага түшүрүлгөн көркөм көчөттөрүнүн түрлөрү, боёгу аймактык бөтөнчөлүктөрүнө карабай, бири-бирине айкашып жана үндөшүп турат.

**Чачпак.**

«Күмүштөн чачпак сооруңда
Күлгөнүң турат оюмда».

(Эл ырынан). Муну «чач кап» деп да атайбыз. Кыз-келиндердин (кээде улгайган аялдардын да) аземдик үчүн чачына тагынуучу, көркөм чогу бар кооз жасалгасы.

Чачпак үч бөлүктөн турат: Башы (чач байлана турган жагы), ортосу (Кутучалар же кутуча кооздуктар менен асемделген тарабы) жана учу (чачы же кооз жасалга кадалган жери). Чачпактын жасалышы жана кооздолушу боюнча не бир чебер зергерлер, кайкач бармак уздар өзүнүн жана ыкмалары чыдамкай эмгеги менен кээде көркөмдүктүн жогорку чегине жетишкен. Муну жасоодо да жергиликтүү өзгөчөлүктөрдүн таасири да байкалат.

Чачпактын учу күбөктөлүп, аягы папик менен бүтөт. Ал жибектен эшилип, чыйратылган жүн жиптен түймө түрүндө чачыланат.

**Шөкүлө.** Адатта, кыргыздын Ала-Тоосундагы түбөлүктүү күнгө чагылышып жаткан ак мөңгүлөрдү биз «шөкүлөдөй жаркылдап» деп сүрөттөйбүз. Туура. Шөкүлө — күлө (конус) түспөлүндө (ошондон улам «шө-күлө» дейбиз) тигилген кыргыздын кыз-келиндеринин өтө кооз элдик баш кийими болуп саналат. Аны күйөөгө аттанган кыз ата-энесинин төрүнөн кийип чыгат. Шөкүлөнүн төбөсү (бийиктиги 22—30 сантиметр), кулакчаны же жаагы (узундугу 18—22 сантиметр), желкеси (узундугу 33—45 сантиметр), маңдайы (4—6 сантиметр) болот.



Шөкүлө алгач ак кийизден тигилсе, кийин ортосуна жүн салынып, сырты кызыл кочкул, жашыл же жашыл кочкул, көк же көк кочкул манат-ноотудан тигиле баштайт. Ар кыл матадан же чыттан ичтелип, ага кундуз, түлкү, суур өңдүү аң терилери ичке тилкеде кыюуланат. Кийинки кездерде баркуттан шырып тигип да жүрүшөт.

Төбөсүнө же каптал тарабына тоту куштун, кыргоолдун, каркыранын, үкүнүн пар канаттары тагылат. Шөкүлөнүн төбө алкагына зер чөгөрүлүп жасалгандары да болот.

Уздар шуруну арбын колдонушат. Бул желбирөөчкө, тумарча жаак мончокко, чач учтукка да өткөрүлөт. Ал элечектин тартмасына, ушул шөкүлөгө бөтөнчө асем берет.

Шөкүлө, адатта, нарктуу баш кийим. Ал салт боюнча кийинки сиңдилерине сакталат. Бул баш кийим боз үйдө текчеде (секичек, текичек) турган, же болбосо сандыкта сакталат.

Шөкүлөнүн көз уялткан көркөмдүгүнө желбирөөч, сөйкө (сырга), бой тумар, акак мончок (моюн мончок), төөнөгүч сыяктуу кыз-келиндердин зер буюмдары айкалышып турат. Шөкүлө кийген колукту Ак кууну элестетет. Ага кемсел шымчан, кемер курчан, ак калпакчан күйөө куп жарашат деп айтылат байыркы ырасмыда.

Шөкүлөнү азыр мындай жасоого болот. Кардон кагаздан бийиктиги 35—40 сантиметрдей бычып, ага ак барчадан, кызыл баркуттан тышталат. Ага сайма саюу абзел. Шурулар менен көчөт түшүрөт. Шөкүлө жээгине байыркы кезде көбүнчө кундуздан жээк түшүрсө, эми көбүнчө шартка жараша норка менен жээктелүүдө. Анын үстүнө көйкөлгөн узун үлбүрөгөн ак жоолук жабылат.

Мурда шөкүлөнүн жээктерине чеберлер жылбырска же ара туулган кулундун терисин да пайдаланышкан. Минтип, ар түрдүү терилерден болушу, албетте, кызды күйөөгө чыгарган үйдүн жашоо-шартына байланышкан.

Кундуз жээктелген шөкүлө байлыкты көрсөткөн. Азыр үйлөнүү тоюна элдик салтты сактап, шөкүлө кийүүгө кызыгуулар көбөйүп баратат.

## СЫРТ КИЙИМДЕР ЖАНА ЖЕҢИЛ КИЙИМ-КЕЧЕКТЕР

Элдик сырт жана ич кийимдерди адимилеп бычып-тигүү жана аларды кийип жүрүү, албетте, нарктуулукту көрсөтөт. Сырт кийимдер кыргызда башкы кийит катары саналат.

Токтогул Сатылганов атындагы облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 379705

**Чепкен** — «Алдына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан» — деп айтылат. Чепкен баш кийиттердин бири. Анын жердигин уздар кезегинде таардан да, сырт кийимдик калың кездемеден да тигишкен.

Суп чепкен — төөнүн жүнүнөн чарык жиптей ичке ийрип, аны оңго-солго чыйратып, өрмөк аркылуу тандайлаштырып, эндүү согуп, бычып, жалаңкат ичтеп тиккен. «Суп чепкен кийдиң сурак жок, Сурабай эгем койгон жок» — деген саптар эл арасында бул кийимдин кеңири таралганы жөнүндө баамдап турат. Аны «төө чепкен» деп да айтышат. Кийим мала күрөң тартып, ачык маанайды берип, өзү абдан бышык келет.

Койдун жүнүнөн, кебезден ичкерээк ийрип, жалаң ак же эки-үч өңдө күзүктөп согулган таарлардан да чепкен тигилет. Чынында чепкен-чапан көөлгүй кенен тигилет да, иштелип, ага жүн, кебез калыңыраак салынат. Бир гана бүчүлүк менен топчу кадалат. Азыр чепкен-чапан же чапан-чепкен аралаш мааниде колдонулууда.

Мал чарбачылыгын арка тутуп, жашоо-тиричиликтерин көчүп-конуп, өткөргөн мурунку кыргыз элинде жалаң жүндөн жасалган чепкендер наркка өткөн. Тепме чепкенди таар чепкен деп да айтат. Тепме чепкен өрмөккө кезек (одуракай) согулган таарды кайнатып, кадимки кийиздей киргизип, тепкилеп, басып сыйдалта жасаган.

Пиясы чепкен жеңил да, сыйда да келет. Анын таары уяң жүндөн өтө ичке ийрилип, согулат. Кездемелердин жердигине карата — боз чепкен, нооту чепкен, чийбаркут чепкен, баркут чепкен, кымкап чепкен, барча чепкен, трайке чепкен, деп аталышат. Булар тигилиш ыкмасына карата басма чепкен, шырыма чепкен, жалаңкат чепкен өңдүүлөргө бөлүнөт.

Азыр республиканын өнөр жай ишканаларында элге эң керектүү буюмдардын жана кийимдердин катарында чепкен менен чапан тигилүүдө. Анда бул эки сырт кийимдин айырмалары эмнегедир анча баамдабайт. Булардын жердиги тыш кийимдик кездемеден болот. Мында чапанга караганда чепкенди көбүрөөк тигүүгө көңүл бөлүнүүдө.

Жалаңкат эле ичтелген тукаба, баркут, чийбаркут чепкендерге көркөм сайма көчөттөрү түшүрүлүүдө.

Кыз-келиндер үчүн тигилген чапандын жердиги адими кездемелерден тандалат. Анын жакасына, өңүрүнө жана этек, жендерине баалуу аң терилери бастырылат. Мында үй ичинде, эс алуу жайларында сөөлөт катары жамынып коюуга шарттташканы сезилет. Мунун жердиги кара, жашыл, көк, кызыл тас баркуттан жана чий баркуттан тандалып, анын өңүнө карата көркөм көчөттөрү түшүрүлүүдө. Дааналап айтканда, кара баркутка кызыл кочкул кандайдыр басмырттыкты пайда кылат.

Элдик «ит куйрук» оюмун чийип, сайма көчөттүн геометриялык татаал айкалыштарын берүүгө да болот. Демек, анда чийимди жоонойтпой, бирдей ичкеликте алып, уз кыялданта берүүсү тийиш. Сайманы чапандын жакасынын эннне карата ичкерээк берүү кооздуктун талабына ылайык келет. Ал эми өңүрүнө, этегине жана жеңинин учуна түшкөн саймалар бирдей көрүнөт. Кийимдин этегине түшүрүлгөн көркөм көчөттөр буюмдагы жалпы кооздукту өзүнө оодарып, тегеректеле шарттуу имерилип, көңүлдүү өзүнө тартуучу касиетке эгедер.

Ошондой эле кара баркуттагы саймалардын жээгине берилген, анча жыш салынбаган негизги көчөттөргө толкун сызыктар, же «чычкан изи» сымал актан «суу» (көчөттөрдүн араларын бөлүп турган жол) берүү менен буюмдун ажарын ачуучу кооздукту кашкайтып таштоого болот.

Мисалы, буюмдун жердиги көк баркуттан турса, мунун жиби кызыл кочкул түстөн тандалса, «бычак учу оюмунун», «бармак боочу оюмунун» жана «мүйүз оюмунун» элементтерин ич ара шарттуу алып, алардан бутакчаларды, сабакчаларды чыгарып, көл толкуну сыяктуу «кыялдантып» кармай турган уздар да бар. Муну тегерете курчай сайылган «суусу» сары менен кызылдан болууга тийиш.

Эгерде кызыл кочкул, күрөң кызыл сымал өңдөр буюмдун сайма көчөттөрүнүн негизин түзсө, анда ага жүгүртүлүүчү «суусу» же «ала мончогу» (көчөттөрдү бөлүп турган жол) актан болсо, чакчайыңкы келип, түшкөн көчөттөрдү өзүнө оодарып алат да, анча жагымдуу таасир калтырбайт.

«Туугандыгын билгизип
Тукаба, сарпай кийгизип»

— деген саптар улуу «Манас» эпосунда айтылат. («Сарпай» — «чапан» деген түшүнүктү берет). Чапандын жердиги башайы, сатин, нооту, бөз, мата, трайке өңдүү кездемелерден тандалат. Жеңи менен бою бир бычылып, ага жүн, кебез салынып, жука кездемелерден ичтелген. Чапандын ичи-сырты бирдей шырылат.

Элибизге каптама чапан да мүнөздүү болгон. Демек, кийим мында кенен бычылат да, ичи шырылып, сырты капталат. Албетте, чапанды бычып-тигүүдө жергиликтүү өзгөчөлүктөр байкалат.

**Кементай** — аттуу-баштуу элдик сырт кийимдерден. Му-

нун жердиги кийиз болот. Ал орточо калыңдыкта бышырылат. Ар түстөгү кийиздерден чепкендей узун жасалган бул сырт кийим кементайдын учасы менен өңүрүнүн бириктирилген жерлери жана бардык тигиштеринин арасы тон менен ичиктей милдеттенет. Анын жээктери өңдөш кездемелерден айланта кыюуланат.

Мыкты уздар мунун кийизинин жүнүн кылдап, ойдогудай бышырып туруп, анан бычышат. Андай кементай бышык болот. Суу өткөрбөйт, кийин кирип кетпейт. Тикесинен койгондо да кадимки ноотудай жыгылбайт. Ак кементайдын жакасы, жең учтары, өңүрү менен этеги карыштай түрдүү түстөгү баркуттар менен кыюуланат.

Адатта, кементай көбүнчө ак кийизден жасалгандыктан мунун мына мындай үлгү болоорлук бөтөнчө түрүн эске тутуу зарыл. Кементайдын да ичиктикиндей кайырма жакасы болот. Бул кара, көк, күрөң баркуттардан тандалат да, жаканын этегине топчулук,бүчүлүк тагылат.

Кийимдин жакасына тегерете көркөм көчөт үчүн «бадам» оюмун түшүрүп, муну «илме сайма» аркылуу кызыл жип менен сайып, анын ортолорун эндей калтырып, четинен ак же сары өң менен жээктеп койсо, түшүрүлүп жаткан көчөт кашкая түшөт. Жеңи да сөөм-карыш эндүү баркут менен кыюуланган кементайга жогорудагы көркөм көчөттөр дал өзүндөй кайталанат.

Кийимдин этегине тегерете кара жиптен «ала мончоктоло» «көбөө» (жээк) түшөт.

Жаштарга ылайыктуу кементайларга кур курчоого да болот. Ал бир, бир жарым эли (2—3 см) колдо чалынган чааралекей ич курга окшош келет. Анын төрт, алты жеринде ак жүндөн ийрилип, чыйрак чыйратылып, бадырая челденип, барпайган топ чачыктары төгүлүп турат.

«Тон кадырын ээси билет» — деген макал бар. **Тон** койдун терисинен жүнү ичине каратылып жасалган кышкы сырт кийим. Аң терилерден тигилген тон сөөлөт үчүн да кийилет. Мунун бучкактарын да жерге таштабайт. Андан курап көлдөлөң ж. б.

Малдын, кайберендердин жана аң терилери көчмөндүү элдин турмуш-тиричилигинде тигил же бул буюм-кечелерди жасоого өтө керектүү жердик болгон. «Тогуз катар торкодон, токту акемдин түгү өттү» — деген накыл айтылат.

Жүнү бычак менен алынып, ашатылбай ышталган терини **шири** дейбиз. Колдо жасалган булгаарыны **көн** деп атайт. Боёлгон, бордолгон (өңдөлгөн), шири-көн терилерден: тон, чыптама өпкө кап), ичик, шым, тебетей, малакай, тумак, кепич, маасы, өтүк, мөкү, кете өңдүү сырт, бут кийимдер; көөкөр, көнөк, көнөчөк, сабаа, көндөөл, чанач сыяктуу идиштер; жагдан, чыны кап, тердик, томого, каргы жана башка колдонмо азем буюмдар пайда болгон. Терини иштетүүнүн челдөө, жыдытуу, кыруу, ашатуу, ийлөө, өңдөө бордоо), боёо, ыштоо, бычуу, тигүү, каптоо, кайык, өрүү, наар түшүрүү, чийме сынбостоо өңдүү ыкмалары бар.

Жаңы сыйрылган терини жайып, күнгө бир аз тоборсуган соң анын чел этин алуу үчүн жандыктыкына (кой, эчки, кийик) — орок, бодонукуна (төө, уй, топоз) — кол күрөк керектелет.

Адатта, ачыган айранга кара тузду жана улпакты, кээде ачкыл жарманы аралаштырып, жандыктын терисинин бетине бирдей жаят да, күнгө коёт, же болбосо жандык союлары менен туз сээп, күнгө кургатат. Анан ун аталасына айранды кошуп, же кошпой деле өзүнчө жалатып, 5—6 күнчө бүктөп коёт.

Тырмап көргөндө тырмак изи түшкөндө терини жууп туруп, коңур кургак кылып кургатат. Бетине 5—6 күн ашаткыны жаңылап, күндүн илеби сууганда бүктөп койсо, күнгө жайылган жандыктын терилери да ийине бат келген. Бул ыкмалар «терини ашатуу» деп аталат. Тери ийине келгенде нымыраак бойдон баканга арта салынып көлөкөгө жайылат.

Эми тондук терини өңдөө (бордоо) аракети башталат. Ал — борду бышырып, майдалап, сүртүү менен теринин бетин агартуу. Ашаткыга ойдогудай кирген тери балбырап жумшарат. Ийине келген теринин жүн жаккы бетин күбүп, самындап жууйт да, эки кишилеп бучкагынан кармап силкип, кермеге жайып, кайрадан кургатат. Бордоо алдында устага омоктуу болсун үчүн чийге, таарга, же кийизге жайып таңат.

Терини сүрүү куралы кол чалгы болот. Улам сүрүп, кайра бор себелеп, кайра сүрүп... отурат. Акыры тери ак түскө ээ болот.

Боёкту чеберлер өсүмдүктөрдүн бүчүрлөрүнөн, жалбырактарынан, бактардын мөмөлөрүнөн, тамырынан, гүлүнөн, кабыгынан, уругунан алышат. Мисалы, алар кол булгаары жасоодо тал кабыкты пайдаланышкан. Бул буюмду карарткан, чие (боё) чөбүнүн тамырын казып, топурагын жууп, казанга кайнатса, өңү өчпөгөн, колго жукпаган кызыл өң берген. Тоо талын, шилбини чыны жана бөрү каразгаттарынын шагын боолоп кургатып, казанга кайнатса, сары боёк болот. Алманын күзгү жалбырагын боркулдата кайнатып туруп, өңдөлгөн териге жаап койсо, кызгылт өң

берет. Таран, чүкүрү өсүмдүктөрүнүн тамыры да боёк үчүн миңдин бири көрүнөт.

Азыркы чеберлер көбүнчө заводдон чыккан аралашмасында аналини бар химиялык боёкторду арбын пайдаланышат.

Боёо — жүнгө, териге, кездемеге түрдүү ыраң берүү. Буюмду кызыл, көк, жашыл, кара, күрөң өңгө боёп, чеберлер кийиз оюмдарын, сайма, килем, таар, чий көчөттөрүн, түймө чачыктарын сарысаптап түшүрүп, карап отургандай коздукту жаратышкан.

Теринин негизги боёгу ышкын түп болуп саналат. Кеч күздө ышкын бышкан чакта казылып алынат да, кабыгы аарчылып, майда-майда кертилип, көлөкө жерге өрүк кагындай кургатылат. Аны анан сокуга жанчат. Кээде ага эчки талдын кабыгы да кошулуп даярдалат.

Ышкын түптү өңдөлгөн теринин бетине жабат. Ал коч-кул, киргил сары түстү берип турат.

«Ак боз ат минип теңселип,
Ак күбө тонду белсенип,
Ак сакалы сеңселип»

— улуу эпосто Кошой баба мына ушундайча сүрөттөлөт.

Тон — өңдөлгөн (бордолгон) тон, ышкын түп жапкан тон (боёлгон) делинип айтылат. Карыяларыбыз көөлбүп кие турган тондун жакалык көрпөсүнүн жүнүнүн узундугу эки-үч элиден ашпайт, ал, адатта, тармал кара көрпөдөн жасалат. Анын этек-жеңинин кыюусу жүнү кыска кара көрпөдөн болот. Кара кыжымдан, же чий баркуттан эни карыштай жана андан жазыраак көбөө коюу адатка айланды. Эгер көрпөдөн кыжымдан кебөөлөнсө, элидей жээк коюлат.

Тон топчуланбайт. Кол башы менен түрлөнүп топ чачыланган боо аркылуу байланат. Күмүш сакалдарын жайкалтып, карыялар кийген мындай сырт кийимдин ичи да кара көрпөдөн болушу оң. Тондук тери боёдон өткөндөн кийин аны кийген чакта куучуйуп тарып кетпеши үчүн керип-чоюп, колдо ийлеп, булуң-бурчтарын керип тырмактап бычкан. «Жымырата тиктирген, Жылаан боо бүтүргөн» — деп, тигишин жаткызыш үчүн тиштеткен.

Жоого аттанганда кийүүчү тонду туулга тон, чарайна тон деп аташкан. Кийинчерээк уздар бүйүрмө тон да тигишкен. Анын этеги жайылып кенен, бели беш-он жеринен бүйрүлүп, көкүрөк тарабы денеге чакталып бычылат. Анын көбөөлөрүнүн эни эки элидей келет да, жүнү кыска, ак, кара көрпөдөн болот. Мында көбөө кийимдин этек-жеңинен, өңүрүнөн сырткары төштүн эки жагына да бастырылат.



Бүйүрмө тондун жакасы пальтонукундай болот да, буга топчунун ордуна көбүнчө, темир илгич кадалат. Антип көбөөлөнбөй, бүйүрмөлөнбөй эле жакалуу же жакасыз этек-жеңи кенен тондор да тигилет. Тонду тигүүдө жана кийип жүрүүдө да аймактык айырмачылыктар көрүнүп турат.

**Ичик** — элдик салттуу сырт кийим. Ал кездемеден тышталып, кара саксактан ичтөө менен барктуу көрүнөт. Мунун сырты өзүнчө, ичи өзүнчө тигилет. Текши кыюуланбаган ичиктин этек-жеңи кийгенде куучуюп калат. Анткени менен шартка жараша ичиктин ичи ар кандай өңдөгү терилерден болушу да мүмкүн.

Ичикке кара көрпөдөн жака салса, куп шарттажат.

Кийинчерээк бүйүрмө ичиктер да тигилүүдө. Ага топчу ордуна илгич кадалат. Демейдеги ичиктер «эркек ичик», «аял ичик» болуп бөлүнөт. Жаш козу-улактын, түлкү, сүлөөсүн, суур өңдүү аң терилери аял ичикке иштелет.

«Көчкөндө көчү жылдыздай,
Көрпө ичиги кундуздай»

— деп сүрөттөлөт. Мурда элибиздин каада-салтында башкы кийит катары бааланган ичикти азыркы кезде кышкы мыкты сырт кийим катары, бөтөнчө мал киндиктүү, суугу күчтүү, тоолуу жерлерде ат үстүндөгү жылуу кийим катары абдан барктaлууда...

**Кемсел** — тышы таардан, калың жука кездеме менен ичтелген элдик кийим. Узун тизеге дейре, жеңи чолок же узун болот. Мунун жалаңкат же жүн жана кебез ичтелип (астарланып) жасалган түрлөрү бар.

Кемсел чепкендин ичинен кийилет. Көркөм көчөттөр менен саймаланып, анын жаштарга мүнөздүүсүнүн жердиги кара, көк, күрөң баркуттан жана чий баркуттан тандалууда. Муну демейки кемселдердей тик жака кылып тигип, түшкөн көркөм көчөттүн элементтери негизинен «бармак боочунан» турган «кыял» оюмунун араларын «сегиздик» (88888) формасы бөлүп турат.

Кемселдин эки өңүрүнүн учунан эле эмес, жүрөк тушунан ылдый этекти тегерете жээктей жазылыгы бир жарым, эки элидей (3—4 см) көчөт көрүнөт. Бул азем кийимдин тик жакасына, жең учтарына да тегерете берилет. Адатта, кемселге **кемер кур** курчалышы тийиш. Мындай тик жака кемселдин курунун энине түшкөн көчөткө жогорудагы коздуктардын дал өзү кайталанышы керек.

Күмүштөн кемер байланып.
Күнчүлүк келсем айланып»...

(Жеңижоктон) дегендей. Ал кадимки курдай белге чактала булгаарыдан жазы тилинет да, анын бетине түркүн оюмдагы жалтырак металлдар кадалат. Анын тогоосу маңдайынан караганда аябай калкандуу жазы келип, ичинен темир илгич менен курчалат.

Буга кадалган шекөттөрдү аябай коoздоп көркөмдөө үчүн ага жамбы күмүш жалатылат. Анын бетине зергерчиликтеги көркөм оюмдары түшүрүлүп, «себет» (сыя) төгүлөт же «чапкылоо» аркылуу да коoздук берилет. Акак коюп, «тогуз төбөлөйт.» Муну **күмүш кемер** деп коёт. Таасын жасалган күмүш кемерлер аттык баага татып келген.

Жакасы тик, кыз-келиндердин белине ылайык кыпча келген кемселдер да тигилүүдө. Буга топчу же илгич гана тагылат. Мунун жакасына көркөмдүк берүү салтка анча жатпайт. Жаканын түбүнөн ылдый, өңүрдү жээктей бадырайта сайма көчөттөрүнүн жана кийиздин «мүйүз», «ит куйрук», «бычак учу», «бармак боочу», «кыял» өңдүү оюмчийимдеринин элестүү элементтери кара күрөң, же көк жердикке ак өңдө берилсе, муну эки жагынан жарыш жээк чыгаруубуз жарашык ыйгарат.

«Кыздарын кызыл кийгизип,
Кызыл кымкап этегин,
Кыйгачтап жерге тийгизип»...

улуу эпосто кемсел ушундай сүрөттөлөт.

**Шым** — кең багелектүү сырт кийим. Мунун жердиги кездемеден да, териден да, таардан да болот. Ошондуктан, кездеме шым, тери шым, таар шым деп айтылат. Кой, эчки, теке, аркар, кулжа, жейрен өңдүү жандыктардын жана кай берендердин терисинен жаргак шым (кандагай), тери шым (чалбар) жасалган.

Жаргак шым жука жана жеңил болгондуктан жылуу мезгилдерде, улут оюндарында кийилген. Жаргак шымды тигүү үчүн эчкинин, мүмкүн болсо кийиктин, текенин, аркардын, жейрендин терисин чылгый чагында жүнүн бычак менен алып, малмага салат.

«Ашаткысын эринбей,
Аярдык менен Каныкей,
Жез челекке жаткырып»

— деп «Манаста» айтылгандай, жеткире ашатып, ийне



келтиргенден кийин аны ышкын түп, же чүкүрү, же эңилчек сыяктуу өсүмдүктөрдүн тамырынан, сабагынан жана кабыгынан алынган колдон жасалган боёктор менен боёп, көркүнө чыгарышкан. Анын багелеги тике жанынан нукумсөөмдөй шара тилинип жасалат.

Бычылган шымдын бөлүктөрүнүн тигиштерине чыйратылган кебез жиптен каттай ыскыт (милте, жээк) кынаптала коюлуп, тигиштери тиштетилип бүгүлөт. Ошондуктан «Кош кобулдап тиштеген, ичине булум иштеген» — деп эпосто сүрөттөлүшү кокусунан эмес.

Арийне, улуу «Манас» эпосундагы баяндоолорго караганда ургаачынын узу Каныкей кандагайды боётуу үчүн атактуу боёкчу Шагылды Анжияндан алдырат. Алманбет баатырдын жары Арууке токсон кызды баш коштуруп, тогуз күнү тиштетип жатып кандагайды тиктирет. Каныкей Абыкени баш кылып, көзгө атаар мергенден алтымыштайын ууга аткарып, аңдардын терисине зыян келтирбей, тоо текени жалаң чекеге аттырып, күндүн көзүн тийгизбей, кунтуйтуп катырбай, зор сандыкка салдырып, табы менен иштеткенин билебиз.

Жаргак шымдын бышык кездемеден эки элидей көбөө коюлат. Шымдын багелегинин шара тигилгенин эки жагына жана этегине көркөм оюм менен сайма көчөттөрү түшүрүлөт. Ал коoздуктар кездеме шым жана кемселге түшкөн көчөт-оюмдарга үндөшүп кетет. Андай саймалардын жибин көбүнчө ботонун жүнүнөн ипичке ийрип, чыйрак чыйратып, чий менен челдеп, түрдүү ыраңга боёп, ийне сайма аркылуу жүзөгө ашыра турган. Мындай шымды **кештелүү шым** деп да айтат.

«Манаста» Көкөтөйдүн ашында калмактын алпы Жолойго күрөшкө түшүүгө балбан чыкпай коёт. Кыргыздар аябай намыстанып турганда Кошой карыя белсенип күрөшкө чыгат. Бирок, ага чак күрөшкө кийүүчү шым табылбайт. Акылман Каныкей күн мурунтан эле шер Манаска атайын арнап тигип койгон чоң кандагайды Кошой карыяга кийгизет.

«Кийип Кошой алганы,
Көбөөлөрү көйкөлүп,
Куп жарашып калганы»...

— деп айтылат.

Тери шым (чалбар шым) ичи түктүү келет. Алар суук мезгилдерде кийилген. Анын жердиги көбүнчө кой-козунун терисинен болот. Аны адегенде ашатып алып, анан өңдөп (бордоп) туруп ага ышкын түп жабат. Ошол өңдөлгөн боюнча эле бычылат. Тигиштери көк, кара өңдө милтеленип,

анын багелегинин учу да адими кездемеден төрт-беш элидей көбөөлөнөт.

Таар шымдын жердиги, албетте, жүн болот. Бул көбүнчө төөнүн, койдун жүнүн текши, ичке ийрилип, жип чыйрак чыйратылып алынат. Буга курулган өрмөк башка таар буюмдарындай эле эндүү согулат. Атайын элдик фасонго салынып бычылат. Мунун тигиштерине кош каттала чыйратылган башка өңдөгү жиптен милте коюлат.

Кездеме шымдын жердиги чий баркут, трайке өңдүүлөрдөн болот. Жаштар кие турган шымдан шара тилик багелектерине жаргак шымдыкындай көбүнчө көк, кызыл, жашыл жиптер менен сайма көчөттөрүнүн жана көркөм оюмдарынын түрлөрү жарашыктуу түшүрүлөт.

Шымдардын ычкыр кашатына **ычкыр** (ич кур) өткөрүлөт. Анын жиби алты талдан башталып, жыйырма сегиз талга чейин жетет. Ар түрдүү өңдөгү жиптерден чалынгандыктан ал абдан кооз көрүнөт. Ычкыр көп тал жиптер менен чалынабы, же аз тал менен чалынабы, ал ийрилген жиптин жоон-ичкесине байланыштуу.

Ычкырды жөнөкөй чалуунун бир түрү мисалы, жүзөгө мындайча ашат. Буга жети илгек (манжалардын учтарына илинүүчү жиптин туюк учу) экиден эсептегенде он төрт тал болот да, аны чалууда эки кол тең аракеттенет. Демек, бир колдо үч илгек, экинчи колдо төрт илгек болот. Эми үч илгек бар колдун чыпалагы менен төрт илгеги бар колдогу жипти илет да, үч жип бар жакка өткөрүлүп кетет. Ошондо жиптер алмашып, чыпалактагы жип аты жокко, аты жоктогу жип сөөмөйгө, сөөмөйдөгү төртүнчү жип жиптин арасынан кайра алмашканда чыпалакка келет. Ычкыр согуу ушундай тартипте улана берет.

Ычкырдын эки учуна **папик** жасалып, түрдүү чачыланат. «Манас»» эпосунда: «Ырамандын ырчы уул, Ычкыры папик кырк муун» — деп сүрөттөлгөн.

**Белдемчи** — ургаачылардын белден ылдый тартынуучу кийими. Анын жердиги таз баркыт, чий баркыт, нооту, трайке, лампук кездемелеринен болуп, этеги көйнөктөй жазы, жогору жагы белге тыкан кыпчаланып, ага кашат коюлуп, кийим эки учалуу тигилет.

Адегенде белдемчини бычып, сырткы тигишин өзүнчө тигип алат да, анан бор же түстүү карандаш менен түшүүчү көркөм көчөттү чиет. Бул буюмдун четине «кыял оюмун» үзүндүлөбөй, жазылыгы төрт элидей узун көчөт кылып жүргүзөт. Эгер ал «кыял» кызыл өң менен толсо, сыртынан жашыл жипти айлантып, көчөттүн өңүн ачуу керек. Этек-көчөтүнүн эни сөөм — карыштан ашпоосу зарыл. Мында көркөм буюм үчүн кызыл, жашыл, сары, ак жиптер сырдуу айкалышат.



Белдемчинин этегине, мурункудан жазы чийим түшүрүп, ага кызыл-сары өңдү айкалыштырып, анын ичи-сырты «ала мончоктолот», Анын жээктерине сайма көчөттөрү түшүп, ага кундуз, көрпө же аң терилери карматылат.

Тигилген буюмдун жердиги, тигилиши жана көркөмдүгү аны кийүүчүнүн жашына ылайыктанат. Мисалы, байбичелер кийүүчү белдемчи көбүнчө кебез, кийиз, жүн, жаңы же ара тууган козу-улактын өңдөлгөн терилери менен ичтелет. Ал эми жаштардыкы ашкере кооз болот.

> «Кызыл, көк көчөт келтирип,
> Кыпча белге кыпалып,
> Кыз бурак сенин белдемчиң»...

деп сүрөттөлөт фольклордо.

Көпчүлүктүн назарын өзүнө бура турган бул аруу буюмдун бир нече түрлөрү, бар. Мунун бели төрт элидей келип, эки өңүрү, этек жээги нукумдай жазы сайма менен кооздолушу керек. Буга түшүрүлүүчү көркөм көчөттөр «кочкор мүйүз». Ал ич ара көл толкуну жана бутактуу дарак сыяктуу.

Белдемчинин көчөттөрүн саймалап түшүрүүдөн мурун, абалы эки тарабына кош жээк түшүрүлүп, ортосуна өзүнчө толкун сызыктагы саймалар берилет. Андан соң көчөт эндүүрөк кабыргаланып, балата бутактанып кетет. Белдемчиге да чепкен, кемсел, чыптама сыяктууларга түшүрүүчү сайманын көркөм көчөттөрү дал өзүндөй кайталанышы ыктымал. Бул буюмдун алардан айырмалуу жагдайы мында: сайма көчөттөрүн алдыңкы өңүргө эки эсе эндүү саюуга да болот.

Албетте, элдик мындай саймалуу кийимдер кийүүчү адамдардын жаш өзгөчөлүгүнө да тыгыз байланыштуу. Чепкен, кемсел, чыптама, белдемчи өңдүүлөргө жээктей толкун сайма түшүрүп туруп, аралына тегерек чекитче берилет, «Бадам оюмдун» өзүн эле сайып койгон учурлар да болот.

Белдемчинин негизги саймасынын жээгине «көзчө», «ийрек» сайып, үч-төрт элидей кундуз же ага тете терилерден бастырып, айырмалоо үчүн актан кичине кыйык көбөлөп, анан сөөмдөй (10—12 см) негизги сайма көчөтүн кызыл жиптен түшүрүп, аны сары менен жээктеп, кайра актан көбөөлөп, кайрадан жээгине» «көзчө», «ийрек» сайса жарашып калат. Анын этегине бутактатып, өзүнчө көчөттүн бир бүтүмүн сары, кызыл түс аркылуу кыялдантып, бадырайта

келтирсе да болот. Белдемчинин жердиги башка сырт кийимдеринен айырмаланбайт.

Баатырлардын жоо кийимдеринин бир бөлүгү катары алды жактан тартылып, жоокерчиликте казаттарга аттанганда ичти сактоо үчүн да белдемчи жасалган. Анын жердиги металлдан, каткан териден, катыра шырылган калың кийизден, катталган көн булгаарыдан болгон.

Белдемчинин сайма көчөттөрүн жалаң шуру бастыруу аркылуу жүзөгө ашырууга болот. Мында буюмдун өңүрүнүн майда шурулары төрт бурч «тумарча» болсо, этекжеңдеринде тизилген шурулар «омуртка» өңдүү көчөттөрдөн турат. Белдемчини тартынууда анын анча оор сезилбеши үчүн шуру менен түшкөн көчөттөр анча жыш көрүнбөйт. Белдемчинин кашаты төрт-беш элидей жазы болсо, адатта, ал топчуланат, ал эми эни тайкы жасалса, боо тагылат.

Анын боосу да ич курдай көбүнчө кызыл, жашыл, көк, ак өңдүү түрдүү түстөр менен чалынып эшилет да, учу папиктелип чачыланат.

Белдемчини шурулап кооздоо жердикке жана анын өңүнө тыгыз байланыштуу. Азыр уздар белдемчини баркуттан жасап жатышат.

Адаттагыдай, кундуз жана башка аң терилери менен көбөөлөп туруп, анын четине саймадан бир сыйрадан «жээк» түшүрүп алуу керек. Эми көркөм көчөткө кош «жээк» жарыш сайылат. Ал көчөттүн элементтери жагалмай канаттанып, жалпы көрүнүшү тарам-тарам болуп, учтары сүзүшкөн экинчи кабырга көчөт менен айкалышат. Бул кооздуктарды кайрадан бир сайым «жээк» бөлүп турат. Белдемчинин буюмдун этегиндеги ортолук көчөтүн айырмалап, анын ажарын ачуу үчүн актан «чычкан изи», же «тап» түшүрүп, анан «жагалмай канат» көчөтү кайрадан берилүүсү керек.

Аң терилеринен кош жээк бастырып, анын ортосундагы сөөмнукумдай боштукка түшкөн көркөм көчөттөр анча коюланбай, «кыял» сымал же «бадамча» кейиптенип берилсе, албетте, буюмдун ажары ачылат. Мындай көркөм көчөттөрдү белдемчинин кашатына да берүүгө болот.

«Белдемчи таккан белине,
Пейили жаккан элине»

— дегендей, ал көйнөктүн сыртынан тартылат да, чыптама менен бир бүтүмдү түзгөндөй болуп турат.

Белдемчи текчеде, керегe башына же төр ала баканына илинет. Үйдүн ички жалпы жасалгасы үчүн башка кийимкечектердей эле мунун да мааниси аз эмес.

**Чыптама** — кыз-келиндерибиз кош этек көйнөк менен жуп кие турган, ичтелип же жалаңкат тигилген жеңсиз кыска кийим. Кыргыз жергесинин ар кайсы аймактарында ар башка — **чермей, өпкө тон, кармооч** деп аталат. Чыптама денеге кыналтып чак тигилет. Ал кош этек көйнөктөр менен кийгенде гана көркүнө чыгат. Чыптап тургандай баамдалат. Көгүчкөн төш чытырап, бели кыпчаланып, чыптама этеги жамбашты жая кененделип кетет. Көйнөктүн кош этектери көлбүп, кыз кылактай басып, ал өзүнчө ак куудай болуп көрүнөт.

Кооз сайmaланып, же көбөлөнүп, тигилген чыптамалар көбүнчө чий баркыт, тазбаркыт, тукаба, трайке өңдүүлөрдөн тигилет. Аны кош этек көйнөк менен өздүк-көркөм чыгармачылыктын катышуучулары, артисттер, жаштарыбыз улуттук сый (салт) кийим катары кийип жүрүшөт.

Чыптамага сайма көчөттөрү үчүн «бадам», «ит куйрук» сыяктуу оюм-түрлөр берилип, анын тегерегине «суу» жүргүзүлөт. Түрдөн-түр чыгара, бири-бирине чиркешкендей кылып «бармак боочу», «сыңар мүйүз» өңдөнгөн, же тим эле улаштыра бутактанып кеткен көркөм көчөттөр «суусуз», «ала мончоксуз» деле сайылышы ыктымал. Жалпы алганда чыптамага да чепкенге, кемселге түшкөн көчөт оюмдардын негизи жана эни сакталат.

Эгер кийимдин жердиги көк кездемеден турса, ага түшкөн көчөттөрдүн өңү кызыл менен жашылдан сайылса, түстөрдүн мындай айкалышы буюмду бөтөнчө ажарлантат да кездемени кубултуп турат.

«Кокту, кокту, кокту бел
Коктулай соккон шамал жел.
Короолош жүрүп билбепмин,
Кош этек кийген бураң бел»

— деп айткандай.

**Кош этек көйнөк** — кыргыздын кыз-келиндери кийишкен элдик кийимдердин бир түрү. Ал төтөн ак, сары, көк жибектен тигилет. Бычылган көйнөктүн жакасынын кылда учу бүйүрмөлөнөт, төшү туюк тигилип, топчусу артына кадалат.

Белине чак чыпталган кош этек көйнөктүн этегинин учу жарым элидей кайрыла тигилет. Жазылыгы беш элидей бүйүрмөлөнгөн бул көйнөктүн эки жеңи басса-турса желпилдеп, жарашыктуу көрүнөт. Мурда кош этек көйнөк-

түн этек-жеңдерин кызыл-тазыл кылып кооздого айрыкча көңүл коюлган.

Бүгүн Кыргыз ССР театр ишмерлеринин чыгармачыл Союзунун өнөрканасынан республиканын маданий мекемелеринин атайын тапшырмалары боюнча кош этек көйнөктөр чыптамасы менен тигилүүдө. Анда улуттук азем көйнөктү бычып-тигүүнүн элдик жол-жоболору ойдогудай сакталган.

Күндөлүк турмушта колдонулушуна жараша жүндүү териден, жаргактан, булгаарыдан, таардан, түймөдөн, калың ноотудан туюк же салаа чыгарылып жасалган колго кийилүүчү кийим **мээлей** (кол кап) деп аталат. Мээлей кебез, тыбыт, жибек жиптеринен эки, үч, беш салаа чыгарылып да согулат. Ал суукта кийилет, кээде сулуулук үчүн да урунулат.

Кыз-келиндердин кол кабына «кыял», «гүл», «такта», «мүйүз» сыяктуу кооз сайма көчөттөрү ар түрдүү өңдө түшөт.

«Жакшы ургаачы — эр көркү». «Эл аралаган эркектин үстү-башы көрктүү, жакасы таза көрүнсүн». «Жакшы аял кир жууса, айылы менен агартат. Жаман аял кир жууса, өз башын эптеп агартат» — деген накыл сөздү элибиз эзелтен бери карата акыл-кеңеш катары туюп келүүдө. Албетте, тазалык, ирettүүлүк, көрктүүлүк — бул үчөө аялзаадасынын энчисине басылган. Ошондуктан, «Аял жакшы эр жакшы...» деген макал турмуш чындыгынан калпып алынган.

Эне көрүп тон бычкандардын бири — Турсун Кыдырова байбиче элдик көркөм кол өнөрчүлөрдүн кароо-конкурсуна ийгиликтүү катышууда. Ал узчулуктун сырдуу учугун дайыма саптоодо. Албетте, мындай көркөмдүккө умтулуунун өзүнчө башаты бар. Анда ата-эненин таасири зор.

Атасы Кыдыр санжырачы болгон, бир чети адамды күлбөгөн жерден күлдүргөн куудул да эле. Чер жазган комузчу да болгон.

Турсундун энеси Бүбү өз чөйрөсүндө узчулуктун нускасын түзгөн чебер аталат. Анын кармаган буюмдарынын үлгүлөрү көркөмдүгү жактан башкалардан бөтөнчө айырмаланып, колдон-колго өтүп, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына тараган. Ошентип, бирөөлөргө үлгү берүү, буюмду чыгармачылыкта кармоо, кыз-кыркындарды ага үндөө, айтылуу уздун өнөрүн улоо — бул узчулуктун мектебинин негизги шарттары. Уз Ысык-Көлдүн Чырпыкты айылынан. Бүбү эненин атасы Чөкө-зергер күңгөй-тескей Ала-Тоосун жердеген журтчулуктун төл устасы аталат.



Ошондой таланттардын үй-бүлөсүнөн чыккан Турсун уз энесинин «иштүү өнөрүн» алып, бүгүнкү күндө да элдик кийим-кечектерди жасоодо.

«Ар бир чебер чыгармачылыгынын кудуретине жараша муну ойдогудай өзгөртө алышат,— дейт уз,— маселен, кыз-келиндер кийүүгө өтө көрктүү кийим — кемселди биз «Беш бел» деп да атайбыз. Себеби, этеги төгүлүп, бели кыналып турат. Мындай беш жеринен кыналып, этеги жайылып турган кийим тизеден беш эли узун болот. Кийүүчүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө карай сайма көчөттөрү түшүрүлөт».

Мунун байбичелерге куп жарашкан үлгүлөрүн да уз өзүнүн алтын колунан сарысаптап жаратат. Кийимдин жердигине карай ага берилүүчү кооздуктар аныкталат. Эгер буюмдун жердиги кара, күрөң өңдөрдөн турса, анын өңүрүнө түшүүчү көчөт үчүн ак менен кызылдан «суу» салып, мунун ортосуна уз жашыл түстү чуркатат. Ошондо «суу» түшүрүлүп жаткан көркөм көчөттөрдүн араларын ачып, ажарына чыгарып турат. Анан сары өң аркылуу «чабалакей канат» сымал көчөттү берип, андан кийин анын учуна көк жана кызылдан «суу» жүргүзүлөт.

Арийне, белдемчи — көпчүлүк учурда, төрөп-түшкөндөн кийин белден төмөн тартылуучу аялдардын сырткы кийими. Белдемчини илгертен эле, келиндин өз энеси кызынын «жээн көрдү» тоюнда тартуулаган.

Ошондой эле ал, биринчиден, көчмөн кыргыз аялдары үчүн белин бекем буудуруп, жылуулукту, тазалыкты жана ден соолукту сактоочу кийим болсо, той-тамашага кооздукка тартынышчу. Ошол себептен, аны саймалап, этегине суусар, кундуздун терилеринен жээк кармап коодошкон.

Белдемчи тартынуу Кыргызстанда улуттук оюу-чийүүлөрдү, саймаларды машина менен саюу колго алынган кезде, улуттук кийимдерди тигүү иши жолго кеңири коюлган кезде кайрадан жандана баштады. Биз жогоруда сөз кылган Турсун уз белдемчинин саймасын түрдөнтүп да жиберет. Ал анын жердигин сары күрөң баркуттан тандайт. Ага жашыл түстөгү түшүрүлгөн сайма талаптагыдай жупташат. Ошон үчүн жашыл жиптен эки жолу «суу» салып, ага актан «ийрек» берилет, анан «куш канат» сайылат, же «секиртме» («сирке төктү») түшөт.

Белдемчиге сайылган көркөм көчөттөрдүн жалпы эни уздун болжолунда беш элидей (7—8 см) келип, анын четине бир-эки элидей кундуз карматуу ылайыктуу. Булуңчасына жашылдан сайылган «кош мүйүз» оюмунун элементи жалпы кооздукту өзүнө оодарып турат.

Уз жасап жаткан белдемчисинин жээгине «милте» коёт,

мунун боосу чалма болот. Топчу бүчүлөө үчүн кездемени тешкенде, албетте, кийим бузулат. Ага барбас үчүн кемселдин үч жерине, белдемчинин бир жерине топчулук ордуна чалма тиркелет да, анын төрт учу «топ чачы» менен чоктолот.

Белдемчинин **бешманты** да болот. Ал туюк жакалуу, тегерек жакалуу болот. Жеңинин учуна гана көркөм көчөттөрү сайылат.

«Алмадай башка ашпуруттай калпак» — деп, ал балдар үчүн баш кийим жасайт.

Койдун терисинен, түгүн ичине каратып, тигилген чолок бешмантча-тон. Көбүнчө мындай тонду тышта дайыма суукта жүргөн адамдар киет. Ал тон өпкөнү жылуу кармайт. Өпкө-тон азыр эл ичине кеңири таралган. Айрыкча, өпкө-тонду аялдар кие турган болушту.

Көчмөн турмуш, боз үйдө кыштоо тиричилиги өкүм сүргөн мезгилде аялдар өпкө-боорун, белин жылуу кармай турган белдемчини кийишкен. Кашатына жазылыгы карыштай кийиз коюп, атка мингенде тизени жаап тура тургандай кылып этегин өтө кеңири бычып чеке-белин жээктей саймалап, көбүнчө тукабадан же баркыттан тигер эле,— дейт атактуу тилчи, профессор Хусеин Карасаев,— Колунда барлар жээгине кундуз кармачу. Белдемчи оронуп, белин кынай тартып байлап койгондо, аял затын сынына да чыгарчу жана өпкө-боорду жылуу да алып жүргөн («Ала-Тоо» журналы № 4, 1984-ж.) Адамдар урунган кийим-кечелердин ар кыл функциялары, аларда билүү жана тутуу маданияты тууралу айрым адамдардын пикирлерине көңүл бөлөлү. «Кийим-кече менен жүрүм-турумдун ортосунда кандайдыр бир байланыш болот, кийим да кандайдыр бир деңгээлде биздин жүрүм-турумубузда чоң роль ойнойт,— дейт Закира Качкынова. — Көчөгө кийилчү кийимдер, бир жагынан, адамды өзүн токтоо же, тескерисинче, шайыр кармоого, көңүлү көтөрүңкү болууга сүймөктөй тургандыгы белгилүү. Мисалы, көшүлгөн узун көйнөк кийген аялдын басыгы кадимкидей өзгөрүлүп, кыймылы назиктене түшөт».

Кийим аркылуу бирөөгө жагууга, көпчүлүктөн бөтөнчөлөнүп көрүнүүгө, өзүнө адамдардын сыйлоо сезимин козгоого аракеттендирет. Мына ушул сыяктуу кийимдин адамга, анын сырткы турпатына, айлана-тегерегиндегилерге, тескерисинче, адамдык жүрүм-туруму кийимге кандай таасир тийгизээрин да байкоого болот.

Кийимине карап, албетте, адамдын эстетикалык табитинин жана маданиятынын канчалык деңгээлде экендигин



дароо билүүгө болот. Кээ бирөөлөр маданияттуу, элеганттуу көрүнүү үчүн модалуу, кымбат баадагы кийим кийсе эле жетиштүү деп, натура ойлошот. Маданияттуулукка, элеганттуу көрүнүүдө кийимден башка, адамдын баскан-турганы, өзүн эл алдында кармоо, сүйлөө манерасы, б. а. адеп, ыйман маданияты да чоң мааниге ээ.

Өз турпатын, боюн карап, кастарлап алып жүргөн аял гана өзүнө жарашыктуу кийимди тандай алат жана адеп сактап жүрө алат. Маданияттуулук, адептүүлүк бардык жерде бирдей сакталганы бул жогорку маданияттуулуктун белгиси экендигин көңүлгө туткан жакшы («Кыргызстан Аялдары» журналынын 1987-ж. №2 сандагы «Кийим жана адеп» деген макаланы караңыз).

Көрүнүктүү чеберлердин элдик кийим-кечектерди бычып-тигүүдөгү айрым бөтөнчөлүктөрүнө токтоло кетели. Алардын бири Бейшеналиева Зууракан (Фрунзе шаары) кичине чактарынан баштап кийим тигүү уздугуна атайылап үндөктөлөт. «Адегенде атамдын тебетей, топуларын бычууга көнүктүм,— дейт ал. Ошондо мен 7—8 класстарда окусам керек. Анан кемсел, ичик өңдүү сырт кийимдерди кармоого өттүм.

Кийин 1979-жылы «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк Бирикмесине «үйдөн уздануучу чебер» болуп орноштум. «Кыялда» иштешиме ошол жаш чактагы бычып-тигүүчүлүк жөндөмүм себепкер болду. Жай мезгили үчүн эркектерге: көйнөк, жеңи бар желетки, кемсел, жалаңкат чепкен, кышкысына ичик, ал эми аялдарга көйнөк, чыптама, кемсел, бешмант, чепкен, ичик тигүүгө адистештим. Мында аялдар үчүн: түлкү ичик, көрпө ичик, анан курама (бучкак) ичиктерди тигүү кыйын татаал келет.

Кемсел тигүүдө «беш белди» көбүрөөк кармайм. Анткени, ага чөнтөк салынат. Беш бел — колтуктан чөнтөктүн оозуна чейин кынала тигилген тигиштер. Чөнтөк болсо түз салынат.

Кийимдин топчулуктары ичилик менен жасалат. Ичилик — ичинен ичтөө, ичинен тордоо деген түшүнүктү берет.

Кемселдин этеги кенен, бели денеге кыналып турушу абзел. Тактап айтканда, кемсел эки жеңден, жакадан, үч бойдон турат. Үч бой — эки бөйрөмчөдөн, бир учадан турат. Мында үч бойду бириктирип тигип, жака салып, анан жеңдери орнотулуп, чөнтөк баштыкчалары бекитилет. Тапп коюу — белге ылайыктап оё кесип, курсактуу болсо, оюлган жерге «кийринди» киргизип, кымча бел болсо, оюкту бүйрө тигүү дегендик. Ансыз кийим бойго чак болбой калат.

Кемсел ичи көбөө менен кошулуп, үч бойго биригип турат. Буга кээде жукараак ийин коюла калып жүрөт.

Ал эми ичик тигүүдө «беш бел» болбойт. Этегин жайылта кенен алып, түз бычам.

Ар нерсе бир беткей, жөнөкөйлүгү аркылуу көркөм көрүнөт. Мисалы, түлкү ичиктин жакасы түлкүдөн болот. Көрпө ичиктин жакасы көрпөдөн эле салынганы оң. Эгер аң жана кой-эчки, козу-улактын терилеринин өөн-бучкактарынан куралган курак ичик жасасак, анын жакасы көрпөдөн эле болот. Жакалык көрпөнүн карадан болушу сырт кийимдердин көркүн ачат.

Элибизде ичик тууралу:

> «Түйүрмө жака түлкү ичик
> Тигиши мыкты уз эле,
> Кайырма жака кара ичик,
> Кайыгы мыкты уз эле»

— деген аңыз айтылып келатат.

Жака ичиктин көлөмүнө жараша жазы болот. Алсак, аялдардын орто ичигинин (48—50-өлчөмдөгү) жакасынын жазылыгы болжолдо сөөм, узуну беш карыштай болот.

Ичикти тыштоодо ичи-тышын өзүнчө тигип алам да, алардын үч боюн өз ара бириктирем. Анда сыртын өзүнчө «көбөөлөп», тери менен кездеме бириктирилет. Ичикке ийин-кеп коюлбайт. Ичиктин тышы тери менен бириктирилгенден кийин жака салынат. Аялдар ичигинин тышына баркут, кыжымы, эркектердин ичигине жүн кездеме, трайке мүнөздүү келет.

Мында Нарын аймагындагы уздар жасаган ичиктердин өзгөчөлүктөрү бар.

Биринчиден, жакасы жагынан айырмаланат. Анда көрпө менен кундуз эриш-аркак бастырылат да, бир аз жазыраак жасалат.

Экинчиден, ичиктин этеги куучуйбай, кенен алынат.

Үчүнчүдөн, алар ичиктик сыртты тандай билишет. Айрым жерлерде эркектер ичигине чийбаркут, жашыл — көк кыжымылардан тыштап да жүрүшөт. Мындай көрүнүш тебетей тышта да баамдалат. Тактап айтканда, жердиги жакшы болсо, кийимдин өзгөчөлүктөрүн өзү эле баяндап турат. Жең менен жака ойдогудай орнотулса, кийим көрктүү көрүнөт» — дейт.

Зууракан да тебетей жасайт. «Мен көрпө тебетейдин тышын шырып да, шырыбай да жасай алам. Суусар тебетей шырылбай, эндей жасалганы жөндүү болот. Ал эми түлкү тебетейди шырып да, шырыбай да тигип жүрөмүн.



Тебетейдин кырбуусу бурчтуу чыкса, бөрктүү жана көрктүү көрүнөт. Тебетей кыргагы (көрпөсү) жазыраак болгону оң. Кийимдин төрт бурчу көрүнүп турушу керек. Ошондо тепек тебетей болбой, бөрктүү келип, буюмдун жекече жүзү ачылат.

Баш кийимди тигүүдө жаш өзгөчөлүктөрү эске алынат. Тактап айтканда, тебетейдин төбөсүн шырып тигүү жаштарга таандык. Ал эми шырыбай тигүү улгайгандарга ылайык. Деле көрпө тебетей шырылмайын көркүнө чыкпайт.

Кутмандуу карыяларыбыз казанбак тебетей кийишкен. Ал саксак көрпөдөн жасалат да, төбөсү шырылбайт. Мында мен тебетейдин төрт талаасын мурун тигип алам да, анан көрпөсү куралып тигилип, экөө биригет. Көрпөнү каптаарда тебетейдин кыргагына жүн салынат. Кебез оорураак сезилет.

Мен топу да жасайм. Ал да шырылып жасалат. Жердиги кыйгач бычылып, анын өлчөмүн болжоп, төбөсүн өзүнчө тегерек оюп алыш керек. Мунун жердигин тик кесип жасаса, аны канчалык жөмөсөң да жарашыгы болбой калат. Ичи менен сыртын бириктире тигип, ичине кичине кебез жалатып, кырка-жээги кыйгач шырылат. Анын төбөсү өзүнчө шырылып, жээги биригет.

Ич тигиштери билинбес үчүн материалды кыйгач алып, кыйык коюп, кыйып коюш керек. Мында кара баркут, кыжымы топуга жарашыктуу жердиги боло алат. Анткени, аны улгайгандар кийишет.

Айрым аймактарда жашыл, көк, сары, күрөң кездемелерден топу тигип жүрүшөт. Чынында чекирейип, адамдын жүзүнө башкача жарашык бербей, келишими көрүнбөй калат. Менин оюмча Москва шаарында өткөрүлгөн жаштардын жана студенттердин бүткүл дүйнөлүк «Олимпиада-80» деген форумга даярдык көрүүдө да Кыргыз ССР театрлар Коомунун чеберлеринин уздануу аракеттери бөтөнчө бааланат. Алардын бычып тиккен үлгүлөрү эл чарбасынын жетишкендиктеринин бүткүл союздук көргөзмөлөрүнүн дипломү, медалдары менен да белгиленди».

## БУТ КИЙИМДЕР

Жаштар жана улгайгандар үчүн кийимдердин жана бут кийимдердин түркүмүн кеңейтүү тууралуу камкордук кубантпай койбойт. Мында улгайган адамдардын кийимдерине көркөм оюм-көчөт түшүрүүнүн анча эле зарылчы-

лыгы болбойт. «Кыздын көзү кызылда» — дегендей, антип көркөм сайма көчөттөрүн көз уялткандай кызыл-тазылдантып жиберүүбүз жаштарга таандык.

Кийим кечектерибиз жарашыктуу болуп, ошону менен бирге бири-биринен айырмаланып туруусу керек. Мына ушундай ойлордон улам биз кийимдердин эң эски үлгүлөрүн жаратуу жана унутулган түрүн кайрадан калыбына келтирүүбүз керек. Албетте, бул үчүн тукаба, чийбаркут, жибек, тазбаркут, трайке, сатин арбын болууга тийиш.

СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында «бут кийимдердин ассортименти жакшыртылсын» — деген. Чынында элдик бут кийимдерибиз жөнүндө азыркы жаштарыбыздын түшүнүгү тумтак. Маасыны билишет. «Көк жеке» деген эмне экенин кайдан билмек. Бул эпостордо гана айтылат.

Көркөм кол өнөрчүлүк бирикмелеринен, Кыргыз ССР театрлар коомунун өндүрүштүк өнөрканасынан жана өнөр жай, турмуш-тиричилик комбинаттарынан кез-кез чыгарылып жаткан улуттук кийим-кечектердин жердиги менен жасалгасы керектөөчүлөрдү жана сатып алуучуларды анчалык алымсындыра албайт.

Жаштарыбыз сыймык менен кийип жүрө турган, жарашыктуу саймалардын мыкты үлгүлөрү бар, кийиз оюмдарынын элементтери айкалышкан кийим-кечектердин чыгарылышын мындан ары өркүндөтүү зарыл.

Бул талаптарды ойдогудай жүзөгө ашыруу үчүн биздин өнүгүүбүздүн Негизги багыттарында айкын белгиленген. Анда: «эмгектин үйдө иштөө формалары кеңири колдонулсун» — дейт. Демек, элдик чеберлерди учурдун талабына жооп бере тургандай кооз үлгүлөр жана материалдар менен камсыз кылып, алардан даяр буюмдарды алууну жүзөгө ашыруубуз керек. Ошондо гана үйдө узданууучу жана узануучу уздар менен усталардын тармагы кеңейип, элдик чеберчиликти өркүндөтүү иши талаптагыдай жолго коюлса, ал элге керектүү товардык-буюмдук мааниге ээ болот. Демек, жергебиздин бай табиятын, анын миң түркүн ыраң-түсүн символдоштурган, элибиздин чалкыган пейилин, калкыбызга таандык болгон тарыхый бөтөнчөлүктөрүн мына ушул элдик буюмдардан даана көрө да, туя да, сезе да алабыз. Буларды жаратуучу ышкылуу усталар менен уздар уюткулуу жергебизден көп эле табылат. Алар азыр да колдорунун табын суутпай бычмачылык-тикмечилик кылышат.

Бут кийимдердин жердиги тери болуп саналат. Аны колдо иштетүүнүн бир түрү — малмага салуу. Кайыш, кол



булгаары жасоо үчүн бодо малдын, кийиктин, кээде майда жандыктын териси да малмага салынган.

Тери челденет, туздун, айрандын, жарманын, ундун же улпактын аралашмасы чоң челекке куюлуп, тери ага салынып, күн алыс аралаштырылып турулган. Тери ашаткысы боюна тарткандан кийин (5—7 күн) алынган. Андан аркысы аны ийлөө керек. Ийлөөнүн эки түрү бар: майда жандык, аң жана кайберен терилери кол учунан эле ийленген. Бодонун, бугу-маралдын терилери атайын талкууга салынган. Терини ийлөө менен көк-кайыш, көк-булгаары пайда болот.

Бут кийимдердин негизги жердиги күдөрү — кол булгаары. Бул кадимки булгаарыдан эле ийленип, боёкко салынгандан кийин анын ички челдүү бетин түрпү миздүү таракча менен кайчылаш утур-тетир сүргүлөйт. Мындан кадимки баркут сымал жыш түкчө пайда болуп, андан сый бут кийимдер, мээлей, намиян сыяктуулар жасалган. Күдөрү ары көрктүү, абдан бышык болот, тез оңбойт, суу өтпөйт.

Ултаруу болсо — өтүк, маасы, кепич, мөкү, кете, чарык өңдүү элдик бут кийимдерине узануу процесси.

**Өтүк** — сый бут кийими. «Манас» жана «Семетей» эпосторунда көк жеке, жекесан, упуке, накери, кырмызы маасы деген бут кийимдердин аттары көп кездешет. Ошондой эле алардын кандай шарттарда жана максатта кийилгендиги кеңири айтылат. Булардын ичинен эң баалуусу жана аземдүүсү көк жеке өтүгү.

К. К. Юдахиндин сөздүгүндө «эркектердин кымбат баалуу бут кийими, аны бир гана эл башкаруучулар кийген. Кээде бийик такасы көңдөй жасалып, жылаажын салынып коюлган» — деп түшүндүрмө берилет. Ал эми эпосто «көк жеке» өтүк:

> «Кош оймолуу, көк жалдуу,
> Булгаары өтүк, мис таман.
> Өкчөсү карыш «көк жеке»
> Оймо така ичинде
> Алтындан кылган жылаажын.
> Кош коңгуроо жеке сан,
> Козголсо үнү шыңгырап»

— деп сыпатталат. Жасалгалуу өтүктөр дегеле кийимдерди алтын, күмүш чөгөрүп кооздоо ыкмасы II—VI кылымдарда Борбордук жана Орто Азия, Жакынкы Чыгыш аймактарында жашаган көчмөн элдеринде айрыкча таралганы тарыхтан маалым.

Көчмөндүү турмушта ат жалында күн өткөргөн элибиздин тынымсыз көчтөрүнө коңгуроо тагылган төө жетектеп, күмүш жабдыктуу ат минип, ала тамак көшүлө, чачпактардын шаңгыраган үнүнө үн коштуруп жыбылжыган жылажындуу «көк жеке» өтүк, намеркен маасы кийишкен кыз-келиндер өздөрү жашаган айылдын көркү болушкан. Ушул келтирилген азын-оолак материалдарга таянып, байыркы элдердин бут кийимдери боюнча биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз. «Көк жеке» деп аты калып өзү унутулган, бул өтүк кара малдын терисинен иштетилген булгаарыдан жасалып, бүтүндөй кайыш менен тигилген.

Атка минип, түшкөнгө ыңгайлуу болуш үчүн тумшугу учтуураак келип, жогору карай азыраак кайкалап турган. Таманын жана апкытын кабатталган кайыш менен калыңдатып, өкчөсүн бийик жасап, алдыңкы бетиндеги атайын жасалган оюкка же кончуна коңгуроо тагылган. Ошондой эле узун келип, тизени жаап турган. Ал эми кончтун арткы жагы кыйгач кесилип, ат үстүндө жүрүүгө, отуруп турууга ылайыкташтырылган.

Өтүктүн мындай көрүнүшү 1978-жылы Чүй өрөөнүндө X—XI кылымдарда гүлдөп өнүккөн байыркы Невекент шаарынын калдыктарын казганда табылган. Табыт үчүн атайын жасалган «ассуаринин» сыртына тартылган адамдын кийген кийиминен даана байкалат. Эмгекчил элдин бир кездердеги кол өнөрүнөн, чексиз талантынан жаралган ажайып кооздуктагы элдик байыркы кийимдерди өткөндүн ыйык белеги, ата-бабадан келаткан сүйкүмдүү көрк катары кийинки муундар үчүн мураска тартуулоо, биздин милдетибиз.

Ошондуктан, айрым бир баалуу элдик чыгармачылыкты изилдеп, окуп, үйрөнүү менен бирге, аларды өз калыбына келтирип, эл керектөөсүнө кайрып берүү — учурубуздагы зарыл талаптарынын бири. Бул ишке партиябыз менен өкмөтүбүз дагы айрыкча камкордук кылып, элдик чыгармачылыктын көп түрдүү жактарын өркүндөтүүдө көп иштерди бүткөрүүдө. Жардам берүүдө. Мунун ачык күбөсү катары жакында болуп өткөн көргөзмөнү көргөндөн кийин «эл ичи — өнөр кенчи» деп бекеринен айтылбагандыгына ак дилиңден ишенесиң.

**Маасы** — өкчөсү жок, чулгоо оролуп кепич менен кийилүүчү кончтуу жеңил бут кийим. Мунун жасалышына, жердигине карай намеркан маасы, хром маасы деген түрлөрү бар. Алар оң жана сол бутка ылайыкталып, айырмалуу (эки жактуу) жана эки бутка бирдей (бир жактуу) тигилген.



Чеберлер кол булгаарыдан кашыктай сыйда мыкты маасыларды ултарып, ага чийме сымбос түшүрүүчү. Бул бут кийим эркектердин маасысы, ургаачылардын маасысы болуп экиге бөлүнөт.

Жигиттердин жана кыз-келиндердин кийген маасыларынын кончунун алдыңкы бети чийме сыпостолгон. Андай элдик мүнөзгө эгедер көркөмдүктөр өтүк, жагдан, чыны кап, көөкөр, кичим (жердик), ээр өндүү кен жана булгаары буюмдарына түшкөн кооздуктарга өтө үндөшүп турган. Буга наар (чийме сыпостун бир түрү) берүүдө чеберлер «мүйүз, «кыял» сыяктуу элдик оюмдардын элементтерин учтантып, ойкуштантып таштоочу.

Кийинчерээк маасы жандыктын терилеринен иштетилген. Булгаарыдан тигиле баштады. Жердик жука болгондуктан, ага өсүмдүктөрдүн сабактарын, бак-дарактардын, мөмөжемиштеринин бутактарын жана жылдызчаланган сайма көчөттөрүн бир өңдө келтирүүдө.

Ошондой эле башка өңдөгү булгаарыдан оюм чыгарып, аны маасынын маңдай бетине жабыштыруу же коюп тигүү аркылуу ага кооздук берилүүдө.

Азыр өнөр жайдык негизде көп нускада чыгарылып жаткан бул бут кийимге көркөм көчөттөр атайын сайма сая турган машинасы менен түшүрүлүп, дүкөндөргө такай чыгарылууда.

**Кепич** — кол булгаарыдан ултарылган бүчүсүз, боосуз бут кийим. Маасынын сыртынан кийилгендиктен башы ичтелет да, четтери тарамыш менен кайылат. Бут кийимдерди ултаруу, үй буюмдарын тигүү үчүн малдын, көбүнчө, жылкынын жибек тарамышынан колдо чыйратылган жип керек. Жаңы союлган малдын тарамышы кургагандан кийин эки жыгачтын ортосуна салынып, жанчып жумшартылат да, бирден таралат, тигилүүчү буюмга жараша жоон же ичке чыйратылат, эшилет.

Кээде буюмду тигүүдө тарамышка төөнүн чуудасы кошулат. Апкыты катуу болсун үчүн арасына жука жыгач салынган. Таманы анча бийик эмес өкчөсү жыгач мык менен ич таманга бекитилет. Өтүкчүлөр кепич жеңил болсун үчүн такасынын ичин көңдөй кылып да ултарышкан. Жигиттердин жана кыз-келиндердин кепичтери шири буюмдары сыяктуу ар кандай оюм-чиймдер менен кооздолгон. Кепич өтө бышык бут кийим болуп саналат.

Методикалык жардам иретинде чыгып жаткан «Кыргыздын улуттук кийимдери» аттуу бул китепчени сунуш кылууда: Алдаярбекова Сара, Көпеева Рыскан (Ат-Башы району), Баймоңолова Абысайнап (Нарын шаары), Абдракма-


нова Бурул, Мусилимова Зайнагүл (Кочкор району), Үркүнбаева Калбү (Алай району), Айжигитова Тажы (Баткен району), Жумабекова Коён (Кемин району), Карачова Батый (Кант району), Шаршенова Мунара, Ибраева Айнаш, Исмамбетова Ракия, Эгембердиева Айна (Фрунзе шаары) сыяктуу көрүнүктүү уздардын жекече узданув ыкмалары пайдаланылды.






Ак калпак.

Кыз калпак.





Сайма калпак.


Сайма калпак.








Кыз тебетейи.




Тукаба калпак.



Тебетей, сайма топу, ак калпак.





Чач кап.



Кеп такыя.



Кемсел.





Қалпак менен кементай





Калпак менен сайма кементай.

Ак тон.





Сайма кемсел.



Сайма чыптама.





Сайма белдемчи.



Сайма белдемчи.





Шуру белдемчи.


Чыптама.


Чыптама менен кош этек.




Минара Шаршенова.



Турсун Кыдырова.

**МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Кириш сөз | 3 |
| Баш кийимдер | 10 |
| Сырт кийимдер жана жеңил кийим-кечектер | 17 |
| Бут кийимдер | 35 |



**Амантур Акматалиев**

Научно-популярное издание

КИРГИЗСКАЯ НАЦИОНАЛЬНАЯ ОДЕЖДА

(На киргизском языке)

Чыгышына жооптуу М. Аманов
Редактору Т. Абдылдабеков
Көркөм редактору Ч. Абдраимов
Тех. редактору С. Ван
Корректору М. Кожалиева

Н/К

Терүүгө 26. 05. 88. берилди. Басууга 23. 09. 88. кол коюлду. Д—01311. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $84 \times 108^1/_{32}$. 1,75 физ. басма табак. 2,746 учёттук табак, 2,94 шарттуу басма табак. 3,255 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 120. Баасы 25 т. Заказ боюнча.

Элдердин достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе ш., Жигули көчөсү, 102.

25 к.

